

Акбермет МАКСЫМБЕКОВА
Ырларым
мага
кош канат

**Акбермет Максымбекова**

# Ырларым мага кош канат

Бишкек - 2019

ЧАТКАЛ ЭМ БАСМА

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
М 17

Китептин чыгышына каржылык колдоо көрсөткөн
Каныш-Кыя айыл аймагынын башчысы ***Нургазы Жолдошевге***,
жооптуу катчысы ***Токтобү Дубанаевага***, башкы эсепчи ***Каныбек Темировго***, Каныш-Кыя айылдык кеңешине жана айылдык кеңештин төрагасы ***Жуманазар Бегалиев,*** депутаттары ***Абдыразак Алмырзаев, Гүлжамал Рысбекова, Рахия Өнөрбаева, Мирбек Козубаев, Саматбек Жолдошев, Эркебек Таштанбаев, Чыңгыз Абдыкеримов, Асылбек Дозонов, Садырбек Смайылов, Улукбек Каратаев, Каныбек Эргешов, Альберт Бексариев, Айбек Кудайкулов, Дүйшөналы Барпиев, Кутбидин уулу Бектемир, Эльзар Сансызбаев, Чыңгыз Абдыкеримов, Абдыразак Алибеков, Акбаралы Иманбеков, Замирбек Эшалиевдерге*** терең ыраазылык билдиребиз!

М 17 Максымбекова Акбермет:
Ырларым мага кош канат: *Ырлар жыйнагы*
Б.: ЧАТКАЛ ЭМ БАСМА 2019. 128 б.

ISBN 978-9967-9152-9-9

Акбермет Максымбекованын бир топ ыры 2017-жылы жарыкка чыккан Чаткал районундагы таланттуу, чыгармачыл инсандардын “Чаткал таланттары-2” аттуу

чыгармалар жыйнагына киргизилип, окурман журту тарабынан жылуу кабыл алынган.

М 4702300200-19

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

ISBN ISBN 978-9967-9152-9-9

© Максымбекова А. 2019

# Баш сөз

Акбермет Максымбекова 1968-жылы 27-ноябрда Чаткал районунун Башкы-Терек айылында жарык дүйнөгө келген.

Акынайым өзү ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү болсо да жан дүйнөсү бай экенин далилдеп, колунан калемин түшүрбөй, ар кыл темадагы ырларды жазып, жазган ырлары Чаткал райондук “Чаткал оттору” гезитинде жарык көрүп келүүдө.

Акбермет Максымбекова жашоосундагы ар бир урунттуу окуяларды ырга айлантууну жактырат. Ар бир даталуу күндөрдө жана майрамдарда белгилүү инсандарга жана жакын тааныштарына ырларды арнап, аны менен бирге өзүнүн акындык дараметин өркүндөтүп, чыгармачылыгын өнүктүрүп келүүдө. Ага айылдык маданий иш чараларда маданият кызматкерлери жана жергиликтүү мектеп окуучулары атайы ырларды жаздырып, коомдук маданий иш чараларда эл алдында окуп келишет. Бир топ ыры 2017-жылы жарыкка чыккан Чаткал районундагы таланттуу, чыгармачыл инсандардын “Чаткал таланттары-2” аттуу чыгармалар жыйнагына киргизилип, окурман журту тарабынан жылуу кабыл алынган. Эми минтип, Каныш-Кыя айыл өкмөтүнүн жана Каныш-Кыя айылдык кеңешинин каржылык колдоосу менен өзүнчө китеп болуп басылып чыгып олтурат. Бул да болсо, Акбермет Максымбекованын чыгармачылыгын баалагандардын саны жылдан жылга артып бараткандыгын көрсөтүп турат.

Акбермет Максымбекованын бул “Ырларым мага кош канат” аттуу ырлар жыйнагы да окурман журтунун көңүлүнөн өз ордун табат деген ишеничтебиз.

***Мухамедалы Эшназаров,***<br>
*КР Журналисттер Кошуунунун мүчөсү, акын.*<br>
*Китептин башкы редактору.*

# Ырларым мага кош канат

Ырларым мага кош канат,
Жүрөктөн ырлар жаралат.
Ырларым менен жашаймын,
Ырлардан көңүл тазарат.

Жан дүйнөм менин тынч алат,
Ырларым мага кош канат.
Ырларым менен учамын,
Жашоого кылып далаалат.

Ырларым мага кош канат,
Бир өзүм менен сырдашат.
Үмүттүн отун өчүрбөй,
Ыр менен жашайм алгалап.

Ырларым мага кош канат,
Жаман ойдон алыс алып учат.
Жаша деп колдон жетелеп,
Сарсанаадан мени адаштырат.

Ырларым мага кош канат,
Кыялдар мени азгырат.
Жүрөктүн оту алоолоп,
Сезимде жашайт махабат.

## Мекениме

Мекенимдин аты өзүнө жарашкан,
Өнүп-өсүп, гүлдөй берсин Кыргызстан.
Мекенимде элим жыргап жашашып,
Жакшылыкты көрө берсин турмуштан.

Мекенимдин тоо, токою чалкыган,
Дайрасы агат таштан-ташка урунган.
Жашылданган табияттын сулуулугу,
Суктандырып көргөн жанды кубанткан.

Мекенимди бизге буйруп жараткан,
Бейиш кылып бизге гана арнаган.
Мекенимди коргоп, баалап ар убак,
Элим жашайт жетишип, ар тараптан.

## Ата-энемдин барында

Барган сайын эрксиз болуп баратам,
Арга таппай чексиз ойго мен батам.
Эрктүү элем ата-энемдин барында,
Эми аларсыз мусапырга айлангам.

Күндөн-күнгө алсыз болуп баратам,
Дагы канча сынайсың сен жараткан?!
Күчтүү элем ата-энемдин барында,
Эми минтип, жалгыздыкта мен калгам.

Жылдан-жылга жарты болуп баратам,
Жеп баратат, таш боор оору жабышкан.
Бүтүн элем ата-энемдин барында,
Эми аларсыз, жарты жанга айлангам.

## Ден-соолук

Кыйын экен ден-соолугуң болбосо,
Кор экенсиң ден-соолугуң жок болсо.
Ден-соолуксуз жашоонун да кызыгы жок,
Жыргал жашоо көңүлдөргө толбосо.

Ден-соолуктан ажыроо оңой экен,
Ден-соолуксуз бул жашоо кыйноо экен.
Ден-соолукту жабыркатып жабышкан дарт,
Майып кылып адамды сыноо экен!

Ден-соолукту кайрып алуу кыйын го,
Ден-соолукка зар болуп кыйналдым го.
Ден-соолугум адашып кайда кеттиң,
Сени таппай майып болуп калдым го.

Ден-соолугум сени кантип табамын,
Майып болуп, мен капаска камалдым.
Эң кымбатым, ден-соолугум мага келчи,
Майып болуп жашагандан тажадым.

## Көз алдымда

Көз алдымда, менин ооруп калганым,
Көз алдымда, кыйналып мен жатканым.
Көз алдымда, аргасыздан акыры,
Апам менен дарыгерге барганым.

Эстен кетпейт, ошондогу кыйын күндөр,
Эстен кетпейт, таң атпаган узун түндөр.
Жаным ооруп мен кыйналып жатсам да,
Карабай айрым дарыгерлер зөөкүрлөр.

Дарыгерден жардам күтүп ыйлаганым,
Көз алдымда жаным ооруп сыздаганым.
Көрүп туруп, карабай басып кеткен,
Эч унутпайм жардамын менден аяганын.

Күндөн-күнгө начарлап баратканым,
Шыпаа издеп, дарыгерден үмүт кылганым.
Дарыгердин шалаакылыгынын айынан,
Акыры мен ден-соолуктан ажырадым.

Көз алдымда мунун баары али күнчө,
Дарыгерлер балта чапты өмүрүмө.

## Жалбарып мен Алладан сурайын

Заманыбыз бузулбасын ылайым,
Жамандыкты буйрубасын Кудайым.

Эң башкысы заманыбыз тынч болсун деп,
Жалбарып, мен Алладан сурайын.

Заманыбыз өзгөрүп жаңылансын,
Өлкөбүздө өнүгүү орундалсын.
Ийгиликке жетишсин деп кыргыз элим,
Жалбарып, мен Алладан сурайын.

Жан дүйнөбүз агарып тазалансын,
Адамзат жашоо баркын бааласын.
Ынтымакта, биримдикте жашайлы деп,
Жалбарып, мен Алладан сурайын.

## Оо кыргызым, пейилиңден кетпечи!

Азгырылып бийлик менен мансапка,
Азгырылып акча менен алтынга.
Оо, кыргызым пейилиңден кетпечи,
Колуң сунуп оңой оокат жагына.

Азгырылып дүнүйө-мүлк, байлыкка,
Азгырылып оюн-күлкү, шаттыкка.
Оо, кыргызым пейилиңден кетпечи,
Моюн сунуп, арам оокат, ыпластыкка.

Азгырылып арам акча, сүткорлукка,
Азгырылып пара алчу жоругуна.
Оо, кыргызым пейилиңден кетпечи,
Көңүл бурчу күчөгөн алдым-жуттумга.

# Акыйкаттык кайда кетип баратат!

Оо, кыргызым,
Кайда кетти арадагы ынтымак,
Эмне эле талаш-тартыш тыйылбайт.
Келишпестик эл ичинде өкүм сүрүп,
Акыйкаттык кайда кетип баратат!

Оо, кыргызым,
Уруш сага жарашпайт,
Уруш-талаш жүрөктөрдү жаралайт.
Ынтымакты ыдыратып арадан,
Акыйкаттык кайда кетип баратат!

Оо, кыргызым,
Ооматың өз колуңда эле турат,

Эмне үчүн көзүң көрбөй тунжурайт.
Көралбастык жан дүйнөдөн орун алып,
Акыйкаттык кайда кетип баратат.

# Кыргызым ай, ынтымакка келеличи

Кыргызым ай, ынтымакка келеличи,
Ырылдашып абийирден кетпейличи.
Түндүктөн, түштүктөн деп бөлүнбөстөн,
Ата-баба ынтымагын эстейличи.

Кыргызым ай, ынтымакка келеличи,
Жаңы муунга туура таалим береличи.

Эртеңкини азыртадан бирге ойлоп,
Келечекти сыр бөлүшүп чечеличи.

Кыргызым ай ынтымакка келеличи,
Бөтөн жерге агылып кетпейличи.
Алакандай жерибиздин баркын билип,
Ак эмгекти арнап элге иштейличи.

## Сүйүүнүн кайырчысы болуп калдым

Сүйүүнүн кайырчысы болуп калдым,
Сүйүүмдөн ажырап мен жабыркадым.
Бир келген ак сүйүүмдү сактай албай,
Сүйгөнүмдөн түбөлүккө алыстадым.

Сүйүүнүн кайырчысы болуп калдым,
Сендеги ак сүйүүнү баалабадым.
Кечигип мага келген ак сүйүүнү,
Арман ай учурунда байкабадым.

Сүйүүнүн кайырчысы болуп калдым,
Сүйүүмдү эстей берем кыйнап жаным.
Сүйүүмдү эңсеп, издеп үмүт кылып,
Үмүт менен жүрөгүмдөн ыр курадым.

## Бала ширин, бала бакыт биз үчүн

Бал тили баланын жан эргитет,

Ата-энесин кубантып, кубат берет.
Бала ширин, бала бакыт биз үчүн,
Бала деген орун басар, келечек.

Бала келсе үйүңө кут да келет,
Ата-энеси балага тойду берет.
Бала ширин, бала бакыт биз үчүн,
Бала деген баарыбызга эң чоң белек.

Бала деген ата-энеге үмүт берет,
Үмүттөнүп бала деп жашап келет.
Бала ширин, бала бакыт биз үчүн,
Бала жыты черди жазып сергитет.

## Ичтеги арман

Жек көрүнүп бир тууганга, жакындарга,
Ашыкча жүк болдум го мен аларга.
Күнү-түнү бир орунда жата берип,
Тең болдум го жыйып койгон буюмга.

Дагы канча мен буларга жүк боломун,
Деги качан мен буларды бошотомун?
Мени ашыкча жүк кылбай алса го деп,
Жаратканга жалынып бук боломун.

Бир тууганды мээнеттен куткарсам
дейм, Муну ойлоп уктабай убайым
жейм. Баарына жек көрүнүп жүгүм

артпай, Өзүмчө адам болуп жашасам
дейм.

Эки буттан баса албай өзүмчө,
Көп азапты тартып жатам өзгөчө.
Үч уктасам түшүмө да кирбеген,
Майып болуп калдым да бул өмүрдө.

## Неге

Оо, жараткан мага арнаган тагдырың ушул
беле, Аянычтуу тагдырды ыйгардың неге?
Бир келип, бир кетүүчү бул өмүрдө,
Бактылуу жашоону аядың менден неге?

Оо, жараткан эң кымбат ден-соолукту бербедиң
неге,
Адамдардай жашатпадың мени эмнеге?
Бир келип, бир кетүүчү бул өмүрдө,
Тилегимди бербедиң го мага неге?

## Ата, апа

Ата, апа силерди эстеп, жашым төгүп ыйлаймын,
Мындан ары кантип дагы жашаймын?
Мени деле арбагыңар алса экен,
Кор болуп, мындан ары жашабаймын.

Ата, апа мен силерсиз абдан эле кыйналдым,
Туура болмок мурун эле жан кыйганым.
Сиздерди алган ажал мени эле алса болмок,
Ансыз да мен таш боор дарттан тажадым.

## Мен коркчумун

Мен коркчумун жан кыйнаган оорудан,
Коркоор элем аты жаман өлүмдөн.
Оо, тагдыр ай туш кылдың го, коркуп жүргөн азапка,
Кутулбадым чырмаган оору торунан.

Мен коркчумун катуу ооруп калуудан,
Коркоор элем ата-энемди жоготуудан.
Оо, тагдыр ай туш кылдың го коркуп жүргөн
кайгыга. Арылбадым тагдыр берген шорунан.

Мен коркчумун бактысыз болуп калуудан,
Коркоор элем ден-соолукту жоготуудан.
Оо, тагдыр ай, туш кылдың го коркуп жүргөн
арманга, Алыстадым жашоомдогу бактымдан.

## Эң жаман

Ден-соолуктан ажыраган эң жаман
, Эч нерсеге жарабаган эң жаман.
Өмүрүңдү оору менен өткөрүп,
Майып болуп калган абал эң жаман.

Ата-энеден ажыраган эң жаман,
Жетимдиктен жабыркаган эң жаман.
Тилеген тилегиңе жетпей калып,
Өмүрүңдө арман кылган эң жаман.

Жакындарың катташпаса эң жаман,
Кыйналганда карабаса эң жаман.
Майып болгон абалыңды түшүнбөй,
Жардамдарын аяганда эң жаман.

Жан дүйнөнүн жардылыгы эң жаман,
Пейилдин тардыгы да эң жаман.
Ынтымактуу жашай албай өмүрүңдө,
Бир туугандын жат болгону эң жаман.

## Баары мени оорулуу деп эсептешип

Ден-соолуктан жарды болуп мен калгам,
Досторум да эшиктерин жаап алган.
Баары мени оорулуу деп эсептешип,
Эчак эле жүздөрүн менден бурган.

Эки буттан биротоло мен тушалган,
Баса албай көңүлүм пас, бушайман.
Баары мени оорулуу деп эсептешип,
Көптөн бери алар менден алыстаган.

Сыркоонун капасына мен камалгам,
Гүл болдум да, тамырынан соолуган.

Баары мени оорулуу деп эсептешип,
Качан эле мени эсептен чыгарышкан.

## Ата Журтум

Ата Журтум асыл жайым, турагым,
Ырым жазып сага кызмат кыламын.
Ата Журт деп согуп турса жүрөгүм,
Өзүңө арнап ырдестемди сунамын.

Ата Журтум асыл жайым, турагым,
Мага дары аба, сууң, топурагың.
Өзүң болуп атам жана апакем,
Эмнегедир келбейт сенден алыстагым.

Ата Журтум асыл жайым турагым,
Канымда бар сенин тунук сууларың.

Ата Журтум жаным менен биргесиң,
Жүрөгүмдөн орун алып турасың.

## Тобо кылам

Мен жардымын ден-соолук жагынан,
Майыптардын катарына кошулган.
Бирок мен жарды эмесмин жан дүйнө байлыгынан,
Мына ушуга шүгүр деп тобо кылам.

Мен шалмын аргасыз, эки буттан,

Көптөн бери өз алдынча баспай калган.
Бирок, мен кем эмесмин акыл жактан,
Мына ушуга шүгүр деп тобо кылам.

Мен жардымын ак сүйүүдөн, махабаттан,
Түгөйүнөн ажырап жалгыз калган.
Бирок мен жарды эмесмин ыймандан,
Мына ушуга шүгүр деп тобо кылам.

## Биз кыргызбыз

Кыргыз деген атыбыз бар алмустактан,
Аллахым өзү тандап бизге ыйгарган. Биз
кыргызбыз өз улутун барктаган,
Дүйнөнүн төрт бурчунда жашаган.

Биз кыргызбыз Адам ата Обо энеден тараган,
Эзелтеден Ала-Тоону жайлаган.
Биз кыргызбыз өз Мекенин сактаган,
Бөтөн элге каада-салтын даңктаган.

Кыргыз элбиз Манас ата жыйнаган,
Кылымдарга эл учугун улаган.
Бир муштумга жети дубан
биригип,
Кыргыз деген өлкөбүздү кураган.

# Өксүк жанмын

Өксүк жанмын, ден-соолуктан
ажыраган,
Күнү-түнү бир орундан жыла албаган.
Тагдырдын оор сыноосуна кабылып,
Калган жанмын, арман кылып зар какшаган.

Өксүк жанмын, ата-энемден ажыраган,
Тиреги жок жетим жанга айланган.
Тагдырдын жазганына багынып,
Бүткөн жанмын, азаптардан арылбаган.

Өксүк жанмын, максатыма жетпей калган,
Өмүрүмдү кыйынчылык коштоп алган.
Тагдырдын буйругуна баш ийип,
Келген жанмын, туңгуюктан чыга албаган.

Өксүк жанмын, адамдарга кошулбаган,
Өзүмчө эле бөлүнүп четте калган.
Тагдырдын кастыгына туш болуп,
Жүрөгүм канжары жок кансыраган.

# Бир боорума

*(Бул ырымды бир тууган агам
Сыргактын жаркын элесине арнайм)*
Элесиң турат эсимде,
Эстеймин жүрөк эзиле.

Эч келбес жакка сен кетип,
Бүлүктү салдың сезимге.

Бир боорум али жаш элең,
Үйүңө күйгөн шам элең.
Үйүңдүн шамын өчүрүп.
Оо дүйнө неге шаштың сен?

Артыңда калган балдарың,
Алар да өсүп жетилди.
Атасыз өскөн балдардын,
Жүрөгүн кайгы ээледи.

Ордуңду баскан эки уулуң,
Көргөндө бошойт муунум.
Жашында калган кызыңды,
Көргөндө ооруйт жүрөгүм.

Көргөндө бирге жүргөн досторуңду.
Зырп этип, жүрөк эзилет.
Көргөндө сен жашаган өз үйүңдү,
Куту кеткен үйдөй эле сезилет.

Балдар үчүн сенин ордуң бар эле,
Сениң демиң балдарыңа дары эле.
Ата сөзү зор тарбия балага, Сенин
сөзүң балдарыңа акыл эле.

Эрте кетип өксүттүң да балдарыңды,
Жаның кыйып, бирөөдөн өч алгансыңбы?
Тирүү жүрүп сен андан өч албадың,
Көзүнө көрүнүп анын жашабадың.

Айла канча, эми арбагың колдоп
жүрсүн,
Балдарыңа берсин сенин калган өмүрүң.
Балдарыңдын өмүрлөрү узун болуп,
Жакшылыгын көрө берсин бул өмүрдүн.

## Атама

*(Бул ырымды маркум атамдын жаркын элесине арнайм)*

Атам менин эр көкүрөк баатыр эле,
Максим Горький атамдын кличкасы эле.
Өзү ак көңүл, колу ачык жан эле,
Көөдөнүндө толгон муң сыр бар эле.

Атам менин жашоодон көп азап чекти,
Ошентсе да, сыр бербей жашап келди.
Уул-кызын чоңойтушуп апам менен,
Турмуштун арабасын экөөлөп айдап келди.

Атам менин карыганда ооруп калды.
Апам өтүп, атам байкуш жалгызсырады.

Бүт түйшүгүн балдарынын көтөрүп,
Алсызданып оорудан, жер жазданды.
Атам менин ар дайым түшкө кирет,
Арбагы атакемдин бизди колдоп келет.
Ата-энемдин элесине ыр арнап,
Мен алардын арбагын ыраазы кылгым келет.

## Чаткалым

Чаткалым өнүгүп дагы жашай бергин,
Өмүрүмө керек болоор азык демиң.
Чаткалым ыйык жерсиң биз үчүн,
Сени сүйүп жашап келет кыргыз элим.

Ырыскысы төгүлгөн жер Чаткалым,
Ырларымды келет сага арнагым.
Туулган жерим, өскөн жерим Чаткалым,
Сенде өттү менин алтын бала чагым.

Кенен жайлоо, жери сонун Чаткалым,
Сен жөнүндө жазып келем ырларым.
Алыстасам сагынамын куса болуп,

Кут даарыган кутман жерим
Чаткалым.

## Ыр жазамын

Ыр жазамын таң агарып атканда,
Же бир кезде, күн кызарып
батканда.

Ыр жазамын ой-кыялга батканда,
Ыр жазамын жүрөк согуп турганда.

Ыр жазамын терең ойго чөмүлгөндө,
Ыр жазамын сөз бермети төгүлгөндө.
Ыр жазамын бир окуя өтүп турса,
Ыр жазамын эргүү турса жүрөгүмдө.

Ыр жазамын кайгы турса жүрөгүмдө,
Ыр жазамын кубанычтын төрүндө.
Ыр жазамын жан дүйнөмдү байытып.
Ыр жазамын илхам келген мүнөттө.

## Адамдарга

Акылсыз адамдар бар арабызда,
Адамдын көңүлүнө карабаган.
Өмүр бою унута алгыс уу сөз
айтып, Гүлдөй назик көңүлдү
жаралаган.

Убактылуу ачууга, жеңил ойго берилип,
Адамды айбан итче капкан бар.
Жакшылыгың жамандыкка айланып,
Жүрөгүңдү тызылдатып, ооруткан бар.

Орой сүйлөп, арам ооз атыккан,
Адамдар бар таш боордукка машыккан.
Эртеңкиси не болоорун ойлонбой,
Жүргөндөр бар ичимдикке каныккан.

## Эне тилим

Эне тилим жашай берет түбөлүк,
Элим менен бирге өсүп, бир өнүп.
Эне тилди ыйык тутуп сактаймын,
Эне тилсиз кыргызмын деп айта албаймын.

Эне тилим жаным менен бир бүткөн,
Эне тилге эң оболу сүйлөгөм.
Эне тилди алмаштырбайм эч бир тилге.
Тилим менен бирге жашап, бир өлөм.

Эне тилим дилибиздин бермети,
Эне тилим тилдердин эң кереметi.
Эне тилди бийик баалап, сүйөмүн,

Эне тилим бар деп жашап жүрөмүн.

## Эне ыйык, эне кымбат баарынан

Эне ыйык, эне кымбат баарынан,
Эне сүтүн актоо кыйын абыдан.
Энелерди тирүүсүндө сыйлайлы,
Эне өтсө болот бизге бүтпөс арман.

Эне деген үйдүн куту, балдарынын бактысы,
Эне өзү даанышман, тунук анын акылы.
Эне деген баарына тең, пейили кең,
Эне болот балдарынын насаатчысы.

Эне деген жанып турган шам чырак,
Ал шам чырак балдарына жарык чачат.
Ар бир үйдө өчпөсүн ал шам чырак,
Ар убакта жанып турсун өмүр улап.

Эне ыйык, эне кымбат баарынан,
Билүү керек муну дайым ар бир жан.
Эненин кадырына жетүү кыйын,

Эне өтсө кайгырганы бир тыйын.

## Үмүт

Аз күнчөлүк бул өмүрдө,
Адам жашайт үмүт менен.
Үмүт оту жанып дайым,
Үмүт үзбөй жашап келем.

Жакшы тилек, максат менен,
Жакшылыктан үмүт үзбөйм.
Берсе экен деп мен Теңирден,
Ден-соолукту гана тилейм.
Үмүттөнүп ар күн сайын,
Сарсанаага мен батамын.
Үмүт үзбөйм бул өмүрдөн.
Сабыр кылып мен жашаймын.

# Китеп

Китеп бизге дүйнө сырын ачып берет,
Китеп бизге билим берген баалуу белек.
Китеп болот билимдин казынасы,
Китеп болот акыл-эстин падышасы.

Китепти сүй, китеп менен дос болгун,
Китеп берет билимдердин сенде жогун.
Китеп – деген адамды адам кылат,
Китеп – деген жан дүйнөнү байытат.

Китеп – деген терең билим булагы,
Китеп – деген адамдын шам чырагы.
Китеп сага караңгыда жол табат,
Китеп сага жол башчы да боло алат.

# Чыңгыз дүйнө салганда

Улуу залкар жазуучубуз Чыңгызыбыз,
Ал менен сыймыктанат кыргызыбыз.
Бүт дүйнөгө кыргыз элин тааныткан,
Чыңгыз болот биздин өчпөс жылдызыбыз.

Улуу инсан Чыңгызды кимдер билбейт,
Аны элим урматтап жылдызга теңейт.
Чынында анын бийик эмгеги бар,
Ал эмгек адамзат жүрөгүн ээлейт.

Чыңгыздын чыгармасы повесть, роман,
Дүйнөлүк адабияттан орун алган.
Кыргыз, орус адабиятынын башчысы,
Чыгармада бүт образды чагылдырган.

Ар бир жазган чыгармасы кызыктуу,
Анда сыр бар, азгырган сыйкырдуу.
Кызыгына кирип алсаң китептин,
Ойлондурат тагдырлар аянычтуу.

Найман эне, Толгонайы аркылуу,
Ыйык эне образын ачып берген.
Эне-бала сүйүүсүн даңазалап,
Адабиятка чоң салым кошуп келген.

“Жамийлада” ачып берди махабатты,
“Кыяматта” ая-деди айбанатты.
Сабак болуп, чыгармасы элибизге,
Үндөп турат коргоого табиятты.

“Бетме-Бет” согуш жылдан кабар берет,
Андагы эл турмушу жүрөктү эзет.
Ысмайылдын уурулугу, качкындыгы.
Эл – дебеген жан бактыны элестетет.

Чет тилдерге которулду чыгармалары,
Шедевр – деп баа берди окурмандары.
Дүйнөлүк адабиятта аты чыгып,
Көп болгон Чыңгыз алган сыйлыктары.

Көркөм тасма тартылып далай жолу,
Кинодо да анын чоң орду болду.
“Ак кеме”, “Жамийла”, “Кыяматы”,
Жан дүйнөнү байытып, купулга толду.
Алп Манасты чет өлкөгө тааныткан,
Чыгаан инсан, Чыңгыз ата даанышман.
Кайда жүрсө кыргыз элин таанытып,
Эл-жери менен ал деле сыймыктанган.

Аттиң арман, ажал келди кайдан-
жайдан,
Элдин уулун алып кетти арабыздан.
Жабышкан дарт акыры аны койбой,
Чыңгыз ата дүйнө салды капысынан.

Чыңгыз үчүн дүйнө эли кайгырат,
Элеси анын түбөлүккө сакталат.
Алп Манастай улуу баатыр, даанышман
Чыңгыз аты тарыхта өчпөй калтырылат.

## Поэзия

Поэзия ырдын ыры,
Поэзия жүрөк сыры.
Поэзия жан дүйнөмдүн байлыгы,
Поэзия жашоомдун азыгы.

Ыр түнөйт менин назик жүрөгүмдө,
Ыр күлөт менин жарык көңүлүмдө.
Ыр мени алаксытып кайгыдан,
Ыр менин күч-кубатым өмүрүмдө.

Ырларымда түркүн ойлор жазылган,
Жүрөктөгү туюк сырлар ачылган.
Ырым менен ички сырды билдирип,
Элиме ырым болот чачылам.

Кылт этип ойго келет жакшы сөздөр,
Жылт этип жоодураган сулуу көздөр.
Мына ошондо ыр жазууга шашылам,
Жашоонун сырларына ашыгам.

## Апакемди эскерем

*(Бул чыгарманы*
*маркум апамдын жаркын элесине арнайм)*

Апама арнап жүрөктөн чыккан ыр сабын,
Даңазалап апам кеткен мүчөл жашын.
Арман кылып апакемди эскерип,
Апам үчүн сөздү курап, ыр жаздым.

Менин да милдетим бар пенделик,
Колдон келбейт, тургуза албайм
эстелик.
Эстеликке сунам ушул ырымды,

Апакемди чын дилимден эскерип.

Мен ооруп, узак жылдар азап тарттың,
Мени карап, оор түйшүккө чыдадың.
Мен ыйласам, сен да кошо буркурап,
Мен деп жүрүп, тыйылбады көз жашың.

Бала оорусa, эненин жүрөгү ооруйт дегендей,
Жүрөгүң ооруп жүрдү мени ойлонуп.
Ичтен сызып, жан адамга сыр бербей,
Көөдөнүңө арман толду миң толгонуп.

Уул-кыздын урматын көрө албадың,
Балын татып, ысык чайын иче албадың.
Балпайып балдарына баш көз болуп,
Байбичелик дөөлөткө сен жете албадың.

Башынан жакшы күндү көрө албадың,
Апакем ай, арман күндөн арылбадың.
Азап менен оорунун кучагынан,
Чыкпай жүрүп акыр апа, жер жаздадың.
Күн өткөн сайын апа сени сагынамын,
Кайгынын капасында камаламын.
Жүрөгүм сыздап сени эстеп,
Жашым төгүп мен жашап келатамын.

Оо тагдыр, ушунчалык таш боор белең,
Чырмадың го, мени ойлорго чечилбеген.

Айыкпаган дарт бергениң аз келгенсип,
Апакемди ажыраттың неге менден?

Билбейсиң сен менин кандай күндө калганымды,
Билбейсиң го, сага арнап ыр жазганымды.
Өзүңдөн ажыраган мен байкуштун,
Сезсең керек, саргайып жатканымды.

Аз беле, караңгы дүйнөдө жашаганым?
Аз беле, ден-соолуктан ажыраганым?
Жан чыдагыс азаптарга кабылтып,
Таш боор тагдыр мени мынча жазаладың?!

Алтындай апакемди жөн койбодуң,
Шум ажал, өлүмгө сен тойбодуң!
Жандай көргөн апакемден ажыратып,
Жараткан ай, мага неге таш боор болдуң?!

Күндөн-күнгө жан дүйнөм ооруп барат,
Кусалыктан көңүлүм өксүп, тумчугат.
Мындан аркы жашоом кандай болот? – деп,
Чексиз ойлор жанымдын тынчын алат.

Алтын апам арабызда өзүң жоксуң,
Өлүм деген иши экен го, айла жоктун.
Үйүбүздүн куту болуп жүрсөң болмок,
Бошоп калды үйдөгү сенин ордуң.
Эгер мен оорубай соо болгондо,

Апаке ак сүтүңдү актаар белем?
Дартыңа дабаа болоор дары издеп,
Дүйнөнү мен кыдырып бараар элем.

Унута албайм апа сенин сөздөрүңдү,
Унута албайм кайгы тарткан
көздөрүңдү. Кабак бүркөп, жүргөнүңүз
эсимде,
Өмүрүңдөгү эң акыркы кездериңди.

Жабышкан оор дарттын айынан,
Доктурда жатып жүрдүң ар убак.
Дартыма дабаа болоор бекен деп,
Табыпка да бардың кээде шыпаа сурап.

Оорудан айыктыруу колдон келбей,
Апаке, сенден акыры ажырадым.
Мени да жабышкан дарт кое бербей,
Апаке, ак сүтүңдү актабадым.

Убакыт учкан куштай учуп кетти,
Акыры таш боор оору түбүңө жетти.
Каптады үйүбүздү караңгы түн,
Өчкөнсүп жарыгы тийген Күндүн.

Эми менин көөдөнүмө кайгы толот,
Мээрим төгүп, эч ким мага сендей болбойт.
Ушул ойлор оорутуп жүрөгүмдү,
Жашоонун өзү да көңүлгө толбойт.

Жалгызсырап, атам калды артыңда,
Атам эми аман жүрсүн бактыбызга.
Карыганда калды атам томсоруп,
Аны көрүп, өрттөнгөнсүйм от-жалынга.

Эркелеп апа дайым өзүңө мен,
Тардыгын тагдырыңдын, билбептирмин.
Чынында, бир уучун да кайтарбадым,
Жашыңдан мага арнаган эмгегиңдин.

Кээ бирде үмүт үзүп, бул жашоодон,
Алым куруп тумчугуп, мен турганда.
Салмактуу насаат айтып, жөлөк болуп,
Жанымда болчу жалгыз апам гана.

Ыйласам да, сыздасам да таппадым,
Көп жыл болду, жер алдында
жатканың. Сени коюп, мени ажал алса
болмок, Туура болмок, ордуңа мен
жатканым.

Сенден калып, азаптарга ууландым,
Алып кет-деп, арбагыңа жалдырадым.
Сенден калган жашоонун кереги жок,
Ансыз да ден соолуктан ажырадым.

Түн бир оокум, уктай албай кыйналамын,
Нечен түрдүү ой-кыялга мен батамын.
Канатсыз уча албаган куштай болуп,
Кайгынын кучагынан чыга албадым.

Апаке, түшүмдө көрөм сени күндө,
Болсо дейм түшүмдө эмес, бул өңүмдө.
Элесиң тартылып көз алдыма,
Зарыгамын жаныңдан бир көргүүгө.
Бир келген карылыктын доорун сүрүп,
Уул-кыздын, неберенин сыйын көрүп.
Даткадай салабаттуу таенем да,
Алыстап, бизден кетти ал бөлүнүп.

Таенемди кайгы, күйүт көп кыйнады,
Кызынын көз жумганын ал укпады.
Кызынын көзү өткөнүн кийин угуп,
Жүрөгү муңга толуп, ал ыйлады.

Эне үчүн болду го бул, оор кайгы,
Кызынын көз жумганын көрбөй калган.
Маңдайынан бир сылап, колу менен,
Калбаганы ал үчүн, бүтпөс арман.

Таенем каржалып, карыганда,
Турмуштун кайгысына ал кабылды.
Акыры кайгы-муңга  чыдай албай,
Кара жердин алдынан орун алды.

Чын болсо о дүйнөнүн бар экени,
Эне-бала жолугуп калышкандыр.
Бу жалганда калып калган бизди алар,
Сагынышып, эстешип атышкандыр.

Эстеймин, көз алдымда али күнчө,
Апакем ай, сенин баскан ар кадамың.
Очокко чай кайнатып, мага берген,
Таптаттуу ысык наның, бал каймагың.

Өмүрүңдүн жыргалын, сен көрбөдүң.
Өмүрдү оору менен сен өткөрдүң.
Кудайым карыганда дарт бербесе,
Жашайт белең, көп болуп көрөөр күнүң.
Мен ушуга күйүп-күйүп, өрттөнөмүн,
Апам үчүн арман кылып, өкүнөмүн.
Апакемди эскерем мен ар убак,
Чачтарымды басса да, аппак бубак.

Мындан ары сендей мага ыйык жан жок,
Күн нурундай мээримин төгүп турган.
Сенден бөлөк, апа, мага ыйык жан жок,
Ар тараптан, мага баалуу болуп турган.

## Күз

Күз мезгили өзүнчө бир керемет,
Күз бизге түгөнгүс байлык берет.
Күз байлыгы кубандырып элимди,

Күз мезгили мол түшүмүн алып келет.

Күз бизге сары алтындай барктуу, баалуу,
Көз жоосун алып, баарын кызыктырат.
Күздүн өзү, өңү сары жалбырактай,
Күз бизди ойго салып, көпкө азгырат.

Күз мезгили көрүнөсүң бир сырдуу,
Күз өзүңдө керемет бар көп кырдуу.
Күзүндө мен дүйнөгө келипмин,
Күз ошого сезилесиң укмуштуу.

Күз келди берекесин элге берип,
Теребел сары көйнөк кийинип.
Мени эртерээк терип алчы дегенсип,
Мөмө-жемиш бышып турат шагын
ийип.

Кырман толот кызыл данга,
Тойгузуп даамдуу, ысык нанга.
Күз байлыгы элибиздин байлыгы,
Ырыскысы буйруган ар бир жанга.

Түшүм алып багбан, дыйкан кубанат,
Күз майрамын белгилешип ырдашат.
Берекелүү дасторкондор жайылып,
Күздүн нуру турат бизге чачылып.

## Жаз

Жаз келгенде жаңы жашоо башталат,
Бак-дарактар жашылданып бүр ачат.
Ушул мезгил жан дүйнөнү кытыгылап,
Сезимдерде жакшы ырлар жаралат.

Жазчы күндө жер жамалы ачылат,
Жаркыраган күн шооласы чачырап.
Жаздын деми адамзатка дем берип,
Жазым мен жашагын! – деп азгырат.

Жазды сүйөм, жазды күтөм ар качан,
Жаз мезгили кабар берет жаралуудан.
Жаз күнүнөн жаңы кубат күч алып,
Жаз келсе мен жашайын деп жанданам.

Жазым менин жапжаш учур карачы,
Жашылданып азгырат тирүү жанды.
Жаз мезгили бизге жашоо тартуулап,
Жазым менин жашоого жол ачты.

## Кыш

Кыш мезгили ар жылда бир келет,
Суугу анын дене-бойду ичиркентет.
Кыш өзү ызгардуу да, аппак кардуу
Ак тон кийген, ак сакал ата сезилет.

Кыш берет аязды да, тоңгон музду,
Терезени саймалаган чебер узду.
Тызылдатып буту-колду үшүтүп.
Кызыл чоктой кызарып кулак-мурдуң.

Кыштын көркү ак кар менен ызгаары,
Кулагыңа ышкырат муздак шамалы.
Кыш мезгилдин биз үчүн көп кызыгы,
Кызыктырат жалтыраган жылгаягы.

Алтын сымал жааган аппак, жумшак кары,
Таза абалуу кыштын ар күн аткан таңы.
Кыш керемет табиятты тазалаган, Кыш
келет жаңы жылды жаңыртканы.

## Тагдыр таарынуу

Эх! Тагдыр, тагдыр!
Мага неге таш боор болдуң?!
Ден-соолуктан ажырап мен,
Оорулуу атка кондум.

Эх! Тагдыр, тагдыр!
Мага мынча таш боор болдуң?!
Жабышкан дарттан кутулбай,
Гүл сыяктуу эрте эле мен соолудум.

Эх! Тагдыр, тагдыр!
Мынча неге таш боорсуң?!

Аз күнчөлүк өмүрүмдө,
Жашоо, үмүт, тилегиме тоскоол болдуң.

Эх! Тагдыр, тагдыр!
Мага татаал сыноо бердиң.
Дарт менен өмүр өткөрүп,
Жашымдан эле кор болдум.

Эх! Тагдыр, тагдыр!
Айыкпас дартты бердиң го.
Азапка салып муунткан, Алсыз
жан кылып койдуң го?!

## Туулган айылым

Эстесиң дайым асылым туулган айылым,
Алыста жүрүп билдим го сенин кадырың.
Сагынам эстеп, сагынам асыл айылымды,
Айылыма жетпей сагыныч жүрөк камыгып.

Канча жыл өттү, айылга мен жетпедим,
Сагыныч күчөп, айылымды мен
эстедим. Көз алдымда тартылат асыл
айылым,
Айылым ай эсимден такыр кетпедиң.

Көз алдымда айылда жүргөн кездерим,
Көз алдымда мен окуган ак мектебим.
Көз алдымда айылдын кооз жерлери,

Көз алдымда айылдаш, коңшу, жалпы элим.

Эстеймин айылда өткөн күндөрүмдү,
Эстеймин айылым, айлуу түндөрүңдү.
Эстеймин достор менен бирге жүргөнүмдү,
Эстеймин балалыкта ойноп-күлгөнүмдү.

## Тагдыр бурганагы

Атакемдин ооруганын көрүп туруп,
Жүрөгүм тилингендей тыз-тыз этет.
Колдон бир келе турган иш болсо деп,
Жашым төгүп, заманам куруп кетет.

Өзүм ооруп, оорудан мен тажап калгам,
Оорунун азабын мен билип алгам.
Оорубасын эч ким мендей кыйналып, - деп,
Дайыма мен Алладан тилек кылам.

Таш боор оору алып тынган апамды,
Андай азап чырмады эми атамды.
Менин эле ооруганым жетпейт беле?!
Кудай неге бизге ооруну арнап салды.

Өлүм, оору башыбызга түшүп биздин, Эң
бир татаал сыноосун көрдүк бул өмүрдүн.
Тагдырдын бурганагы ушул белем,
Баарын көрдүк башкаларын өлүмдөн.

Оо, жараткан кылчы ырайым бизге да,
Ак тилекти орундатып бу жалганда.
Бизге деле ден-соолукту бере көр,
Бул дүйнөдөн өтпөйлүчү биз арманда.

## Бир туугандарым

Бир тууганым, асылдарым, алтындарым,
Мени аяп ар дайым, караган.
Тоодой мага тиренч болгон, жөлөк болгон,
Мен силерден чындыгында айланам.

Кирпигиме кир жугузбай мени карап,
Келесиңер мен үчүн түйшүк артып.
Апамдын жоктугун да билгизбей,
Турасыңар мага дайым канат жайып.

Оо, менин эң бир жакын бир боорлорум,
Орулуу болуп мен да жашым чагымдан.
Жипсиз байлап силерди бошотподум,
Арылбады азап, мээнет башыңардан.

Тагдырдын таш боордугу, татаалдыгы,
Мени да, силерди да кыйнап салды.
Апамды алып кетип арабыздан.
Жүрөгүбүз жоготуудан жабыркады.

Атакем жалгызсырап жүрөктү ээди,
Ичтен сызып, жабыштырды илдетти.
Жаны ооруп, өзү менен өзү болуп,
Кошту кудай бизге дагы бир мээнетти.

## Алыкулдун ырын окуп үйрөндүм

Алыкул акын ырларында көп айткандай,
Ден-соолук эң башкы байлык экен.
Ажырап ден-соолуктан калган соң,
Ажайып бул дүйнө да караңгы экен.

Ден-соолукка жарды болуп калганыма,
Капа болуп, жаным кейип өкүнөм.
Майып болуп эки бутсуз жатканымда,
Алыкулдун ырларын окуп үйрөнөм.

Алыкулдун ырын окуп үйрөнө алдым,
Үмүт, Сүйүү, Достук жана бүт баарын.
Алыкулдун ырынан дем-күч алып.
Билип калдым ден-соолуктун кадырын.

Алыкулдун ырын окуп үйрөндүм,
Билүү керек экенин жашоо баркын.
Өмүр кандай жыргал, таттуу деп,
Өмүргө суусап алп акындын жазганын.

Алыкулдун ырында көп сыр жатат,
Окурманды жөн эле жолго салат.

Алыкулдун ырын окуп үйрөндүм,
Ден-соолуктун кадырын атаганат.

## Сүйүү саптары

Сүйүү деген улуу сезим керемет,
Сүйүү өзү ар адамга бир келет.
Сүйдүм сени жүрөгүмдөн алоолоп,
Сүйүүмдү мен, бир өзүңө арнап келем.

Махабатым, ак шумкарым, ардагым,
Бул саптарды сага гана арнадым.
Бактылуу болсоң болду сүйүүдөн,
Сүйүүмдү мен, бир өзүңө багыштадым.

Сүйүү деген океандын тереңи,
Сүйүү деген өмүрдүн чынар тереги.
Сүйүүдөн таттуу жашоо уланып,
Адамзатка тиет сүйүү кереги.

Сүйүү жокто жашоо супсак,
Сүйүүсүз жүрөк болот муздак.
Сүйүү менен жүрөк эргип эзилип,
Сүйүү менен жашоо өзү табышмак.

Сүйүү менен сөзүң жагымдуу,
Сүйүшкөндөр болот бактылуу.
Сүйгөн менен өмүр сүрсөң,
Өмүр өтөт эң эле бир ырахаттуу.

## Айылымдын элестери

Алыс калды менин туулган айылым,
Куса болуп, айылымды сагындым.
Канткенде мен айылыма жетем, - деп,
Көп ойлонуп, санааларга багындым.

Көздөн учат айылымдын элестери,
Жашылданган бийик тоосу, белестери.
Унутпаймын айылымды эч качан,
Көз алдымда айыл таңы, кечтери.

Айылдаштар эске түшөт ар кимиси,
Эсте алардын айткан кеби, кеңештери.
Аман болуп, айылдаштар жашасын
дейм,
Ар бирине дем-күч берип, айыл деми.

## Чаткал жери

Кут даарыган кутман жерим Чаткалым,
Сен болосуң менин кымбат турагым.
Кылымдарга өчпөй келет сенин атың,
Жер соорусу, жер сулуусу Чаткалым.

Кенен жайлоо, жашыл кооз жерибиз,
Кең пейилдүү, меймандос келет элибиз.

Ыдырыс ата колдогон жер Чаткалым,
Сенде жашап, өсө берсин улуу калкым.

Сен жөнүндө ыр жазамын ашык болуп,
Сага деген жылуу сезим алоолонуп.
Сени эч качан теңебеймин башка жерге,
Сен турасың жүрөгүмдө ыйык болуп.

## Күнүмдүк бул жалганда

Күнүмдүк бул жалганда,
Жакшы болот адамдар.
Ынтымакта жашаса,
Аз күнчөлүк бул өмүрдө.
Адам чиркин гүлдөй назик,
Көңүлдөрдү калтырбаса.

Күнүмдүк бул жалганда,
Жакшы болор адамдар,
Акыйкатта жашаса.
Аз күнчөлүк бул өмүрдө,
Адам өзү эки жагын караса.

Күнүмдүк бул жалганда,
Жакшы болот адамдар,
Ызатташып, бирин-бири сыйласа.
Аз күнчөлүк бул өмүрдө,
Адам деген өз өмүрүн бааласа.

Күнүмдүк бул жалганда,
Жакшы болоор адамдар,
Мээрим төгүп, бири-бирине жан тартса.
Аз күнчөлүк бул өмүрдө,
Адам чиркин көрө албастык,
Ач көздүктөн арылса.

Күнүмдүк бул жалганда,
Жакшы болот адамдар.
Кайрымдуулук, ыймандуулук,
Жүрөгүнөн орун алса.
Аз күнчөлүк бул өмүрдө,
Адам деген чырылдашпай,
Бирин-бири кадырлашса.

## Курманжан датка

Өткөн жыл эстен кеткис жылдан болду.
Датка энебиз эки жүз жашка толду.
Ал жылды: «Курманжан датка», - жылы
деп,
Кыргыз элим той өткөрүп, шаңга толду.

Алайдан чыккан чыгаан датка энебиз,
Эмгегиңден, эрдигиңден сени таанып келебиз.
Ала-Тоосун кас душмандан коргогон,
Датка энени түбөлүккө баалап
эскеребиз.

Аялзаттын ханышасы, акылманы, даткасы,
Элим деп! – эли үчүн тарткан экен азапты.
Аялзаттан чыккан эр жүрөк энекебиз,
Эли үчүн өз баласын өлүмдөн
сактабады.

Кыргыз элдин келечегин көп ойлогон, Элим! –
деп чексиз ойду көп толгогон.
Кайраттуулук мүнөзү менен элине үлгү
болуп,
Өз элин бириктирип, Алай жерге топтогон.

Айкөлдүгү, баатырдыгы алып берди Датка
наамды,
Таң калтырып, ал кездеги бүт ааламды.
Орустар да Датка энеге баа берип,
Урматташкан Курманжандай Алайлык
Ханышаны.

## Энекем

Мээриминден кагылайын энекем,
Мээнетиңди актабадым аттиң, мен.
Мени төрөп өстүргөнүң чоң эмгек,
Ал эмгекти ойлоп жүрөк эзилет.

Жабышкан дарт ажыратты сизди бизден,
Эртелеп сен орун алдың кара жерден.
Энекем ай сен аман-соо жүргөнүңдө,

Мен мынчалык арман ырын жазбайт элем.

Энекем өзүң элең балдарыңдын бактысы.
Өзүң элең үйүбүздүн куту жана ырысы.
Сенсиз эми үйүбүздүн жарыгы өчүп,
Үйдү ээлеп алды жоготуунун кайгысы.

## Атакем

Атакем бизге тоодой тирек элең,
Үйүбүзгө түгөнбөгөн кенч элең.
Өзүңдүн демиң менен биз жашап,
Жүргөнүбүз зор бакыттын өзү белем.
Өзүң менен бизде ырыс бар эле,
Өзүң менен сөзүбүз да шар эле.
Өзүң менен бейкапар элек дайым,
Өзүң менен кенен эле жашоом бактым.

Бизге арналды сиздин көп эмгегиңиз,
Бизди багып далай азап чектиңиз.
Жашоонун ысык, суугун көп көрүп,
Аягында оору менен чектелдиңиз.

Карааныңдан кагылайын атакем,
Кетээриңде көрбөй калдым сизди мен.
Майыптыктын айынан алыс болуп,
Колум менен узатпадым сени мен.

Бул арман кетпей калды эч эсимден,
Көрбөй жүрүп ажырадым ата сизден.
Эгер мен оорубастан соо болгондо,
Жардамымды берет элем колдон келген.

## Мээрман айымдарга

Ак халатчан, ак пейилдүү эжелер,
Айга, Күнгө төп келишип теңелээр.
Аяр сүйлөп, сылык болуп бейтапка,
Адамдарга бирдей жардам бересиңер.

Гүлдөй назик көңүлдөрдү көтөргөн,
Бейтаптарды баласындай бөпөлөгөн.
Мээрим төгүп сөзү менен дарылап,
Бейтаптарга жарык берген, жашоо берген.

Айдай сулуу, жарык маанай медайымдар,
Кут болсун кесиптик майрамыңар.
Ак эмгектен баар таап, ар бириңер,
Ар дайым бактылуу жашаңыздар.

## Эне-тилим

Тилибиздин кадырына жетели,
Тилди сактап, урпактарга берели.
Тилди сатып, бөтөн тилге өтпөстөн,
Тилди баалап, ага кам көрөлү.

Тил менен улут болуп аталабыз,
Тил менен кыргызмын! – деп айта алабыз.
Тил менен дилибиз тазарып,
Теңир берген ат менен жашап калабыз.

Тилим менин эт жүрөгүм, каным
жаным,
Тилим менен жан дүйнөмдү
байытамын.
Тилим менин соолубас өмүр булагым,
Тилим менен суусунумду кандырамын.

## Ардагерлерге

Жеңиш күнүн алып келген ардагерлер,
Сиздерге таазим кылат жалпы элиңер.
Куттуу болсун Улуу Жеңиш майрамыңар,
Буйрусун сиздерге бакты-таалайыңар.

Ардагерлер-элибиздин ырысы түгөнбөгөн,
Ардагерлер-журтубуздун сыймыгы өчпөгөн.
Ардагерлер арабызда бар болгула,
Ардагерлер орун алган сыйлуу төрдөн.

Ардагер ак сакалдуу аталарыбыз,
Силерсиңер биздин туу тутаарыбыз.
Тынчтыкты бизге белек кылгансыңар,
Урмат менен жолуңарды биз улаарбыз.

Келечекте жаш муундар өнүп-өссүн,
Жеңишти эмгек жактан көрсөтүшсүн.
Согуш деген алаамат эч болбосун,
Дүйнө эли тынчтык доорун сүрүшсүн.

Ардагерлер тынч жашоодо жашай берсин,
Жакшылыкты алар дагы далай көрсүн.

## Бүтүрүүчүлөргө

"Акыркы коңгуроо" үнү бүгүн шыңгырайт,
Коштошуу жашы көздөн агып тамчылайт.
Балапандай талпынткан эже-агайлар,
Балдарын узатышып, бирде күлүп, бирде ыйлайт.

Алгач ирет "А" тамгасын тааныткан,
Адам кылып баарыбызды талпынткан.
Таазим кылып мин ырахмат айтамын,
Эже-агайга билим берип, окуткан.

Темир канат балапандар учкула,
Көк мейкинге жетүүгө умтулгула.
Билим берип силерди учурушкан,
Эже-агайга чоң рахмат айткыла.

Жетсе дагы башыңар булутка,
Окуткан эже-агайды унутпа.
Силерди алпештеп окутуп,
Узаткан ушулар турмушка.

Садагалар сапарыңар шыдыр болсун,
Башыңарга балбылдаган бакыт консун.
Турмушта силер барчу кенен жолго,
Жадырап нечен түрлүү гүлгө толсун.

## Арман

Ачуу арман, тайкы тагдыр,
Айыкпас дарт, тыйылбаган көз жаш.
Жан дүйнөмдүн тынчын алды,
Чексиз ойлор, куру кыял.
Жоопсуз суроо кыйнап жанды,
Жанымды аябай кыйнап салды.

Кимгедир муңумду айтып,
Сырымды ачкым келет.
Калуу үчүн бир аз жеңилдеп,
Кимгедир кайгымды айтып.
Ачуу жашты төккүм келет,
Армандан арылар күн бар бекен деп.

Ден-соолуктан ажырап мен,
Максатыма жетпей калдым.
Тагдырым тайкы болуп,

Жүрөгүм муңга толду.
Аз күнчөлүк бул өмүрдө,
Эки буттан баспай калдым.
Өмүрүн өтөп калдым аттиң арман,
Майып деген аярлуу жандын.

## Тирүү болуп жашаганым болбосо

Тирүү болуп жашаганым болбосо,
Бул өмүрдө ден-соолукка жарды
болдум.
Жабышкан дарттын капасына камалып,
Жаным кейип, көз жаш төгүп,
Оорунун азабына абдан тойдум.

Тирүү болуп жашаганым болбосо,
Өмүрүмдү ойдогудай өткөрбөдүм.
Жаштайымдан мен ооруга чалдыгып,
Жакшы күндү эл катары мен көрбөдүм.

Тирүү болуп жашаганым болбосо,
Өз эркимче мен басып жүрө
албадым.
Бир орундан жылбай жатып, күнү-түн,
Кыбыраган куртка да тең боло албадым.

Тирүү болуп жашаганым болбосо,
Жашоонун эң кызыгын мен көрө албадым.

Мээнет кылып, терим төгүп жашасам,
Тирүүлүктүн дарттан башка азабына чыдамакмын.

Тирүү болуп жашаганым болбосо,
Тата албадым жашоонун таттуу балын,
Көрө албадым жашоодогу сүйүү
балын.
Жүрөктөргө эртели-кеч бир келген,
Биле албадым бар экенин махабаттын.

Тирүү болуп жашаганым болбосо,
Балалыктын, жаштыктын доорун мен сүрө албадым.
Эне сүтүм оозумдан кете электе,
Гүлдөй соолуп мен ооруп жатып калдым.

Тирүү болуп жашаганым болбосо,
Теңтуш менен мен жүрүп күлө албадым.
Көңүл ачып, бирге болуп сайрандап,
Достор менен мен бирге жүрө албадым.

Тирүү болуп жашаганым болбосо,
Бара турган жактарга баралбадым.
Өзүм койгон максаттарга жете албай,
Караңгы дүйнөнүн кучагына мен камалдым.

Тирүү болуп жашаганым болбосо,
Билимимди мен уланта албадым.
Билимимдин тереңине жете албай,
Бала кезде самаган ой-тилекке жетпей калдым.

Тирүү болуп жашаганым болбосо,
Табияттын кооздугуна көз салбадым.
Туш тарабым мен үчүн караңгыдай,
Турмуштун сыйкырын сезе албадым.

Жер үстүндө мен эчак баспай калдым,
Баркын билдим, бут булгаган чаң,
ылайдын. Боз топурак боркулдаган
жолдордо, Баскан изим мен эми таба
албадым.

Тирүү болуп жашаганым болбосо,
Белестерден мен гүлдөр тербей калдым.
Окшош күндөр өтүп жатат зымырап,
Пенде болуп күн көрөмүн кыбырап.
Тагдырдын буйругуна баш ийип,
Майып жандын жашоосуна көнүп калдым.

Тирүү болуп жашаганым болбосо,
Мен үчүн Күн жарык тийбей калды.
Дарак бүрдөп бутагын ийбей калды,
Ден-соолуктан аттиң арман,болдум жарды.
Жүрөгүмдү ээледи муң, зар, кайгы.

## Тагдырымдын бурулушу

Ал убак менин жаш чагым,

Капыстан оорулуу болду, жаш жаным.
Убакыт учуп зымырап,
Аттиң арман! Эки буттан баспай калдым.

Алтындай балалык кез учурунда,
Айыкпас ооруга мен туш болдум да.
Ойноп бир жүрөөр убагымда,
Оорукчан деген атка кондум да.

Бутум менен басып барып доктурга,
Түшүп калдым мен азаптын торуна.
Көңүл бөлүп мени доктур карабай,
Салып берди мени дарттын колуна.

Этим ысып, жан кыйналып жатканымда,
Жолободу дарыгерлер жаныма да.
Кош көңүлдүк кылган үчүн алардын,
Түшүптүрмүн жаман дарттын капканына.

Кайдыгерлик ээлеп алып дарыгердин жүрөгүн,
Канча жылдар кыйды экен бейтаптардын өмүрүн.
Билими жок, кайрымы жок андайлар,
Тизмесине түшсүн дейм, айтпай келген өлүмдүн!

Дарынын да таасири билинбеди,
Доктур мени адам болбойт! – деди.
Бул суук сөз үмүтүмдү үзүп салды,
Жүрөгүмдү ээледи күтүүсүз келген азап-кайгы.

Көзүмдүн кареги менен тең айланып,
Жанымда болду алтын апам чарк айланып.
Куруп турду ошол кезде замана,
Эмне кылабыз? – деп апам, таппай айла.

Доктурдан капа болуп үйгө келдик,
Шыпаа болор бекен? – деп, айла издедик.
Күндөн-күнгө мен начарлап катуу ооруп,
Күздүн күнү, ашуу ашып Таласка кеттик.

Бул болду тагдырымдын бурулушу,
Табылгыс ден-соолуктун бузулушу.
Тайкелерим алып келип Таласка,
Себепчи болушуптур менин жакшы болушума.

Ак халатчан дарыгери Таластын,
Чакырыптыр Фрунзеден тез жардам.
Алар келип мени алып кетишип,
Дарылаптыр көрүп менин оор абалым.

Эстен тайып жатыптырмын мен анда,
Кир.НИИТ деген борбордогу бейтапканада.
Дарыгерлер, боорукерлер мени карап,
Келтириптир мени жакшы абалга.

Арадан алты ай өтүп кетиптир,
Таш боор оору түбүмө да жетем дептир.
А бирок, алтын колдуу дарыгерлер,
Жаман дартты алар менден кууп жибериптир.

Ошентип, мен айыга баштадым,
Көпкө чейин Кир.НИИТте
дарыландым.
Бирок, аттиң, эң армандуу болду мага,
Эки буттан түбөлүк баспай калганым.

Доктур айтты, мага аяр карап туруп,
Мага сабак болчу аңгеме куруп.
Доктурдун кайдыгерлик жасаганынан,
Калган экем ажырап эки буттан.
Туура эмес дарылашкан сени, - деп,
Мен түшүндүм, доктурумдун айтканынан.

Ошентип, мен бутумдан баспай калдым,
Айыгууга эч шыпаа таба албадым.
Дарыгердин кылганына өкүнүп,
Башкасынан шыпаа бир аз таба алдым.

Мээрман айымдар мени аяп карашкан,
Баласындай көрүп мени дарылашкан.
Ак халаттай ак жүрөктүү айымдар,
Айланчыктап мага жардам кылышкан.

Беш жыл жатып, дарыландым, билим да алдым,
Өз үйүмдөй, ата-энемдей аларга көнүп калдым.
Сабак алып ар биринин сөздөрүнөн, Жашайын! –
деп үзүлгөн үмүтүмдү кайрып алдым.

Туу тутуп, кумир туттум дарыгерди,
Таасирлентти мени анын ар бир кеби.
Сабырдуулук мүнөзүнө ээ болуп,
Сезип калдым мага келген өмүр демин.

“Сила, воли помогает, лучше всех лекарств” –
деген накыл кеби доктурдун,
Жетеледи мени кең жолуна жашоонун.
Адам болуу тилегимди мен самап,
Жашап келем калсам деле камалып,
капасына оорунун.

Кусалык, сагынуу, зарыгып күтүү  мени
абдан кыйнады,
Тагдыр мени жашымдан туңгуюкка камады.
Убакыт токтобостон учуп кетти,
Акыр жеңди мени тагдырымдын талабы.

Шыпаа болор бекен? – деп  көп
жылдап жаттым дарыланып, Дартка
дабаа болор? – деп эл кыдырып,  эч
бир дабаа таппадым.
Мына ошондон айлам кетип акыры,
Бир Аллахтан үмүт кылып жашап калдым.

Сабырдуулук мага жакын дос болду,
Жеңип жаттым далай азап, жолтоону.
Шүгүр кылып жашоодон үмүт үзбөй,
Каниет деп – улап жатам жашоону.

Бул сыноо мени өмүрүмдө кыйнады,
Үйрөттү жашоону, күчөтүп чыдамды.
Эң башкысы жашоо керек экенин да,
Билгизди жарым жан абалымда.

Жаратканга тобо кылып жашап
жатам,
Мага берген оор сыноону, эч кимге
бербесин деп жалынам.
Сабыр кылып, мен чыдаймын дагы да,
Оо, Аллахым өзүң сүйүп, өзүң берген бул тагдырга.

Пенде эмес, айбанатка каалабаймын мен
дартты,
Жан кейитип, жан кыйнаган азапты.
Ден-соолуктан кем болбосун эч бир жан,
Дарт дегенди алыс кылчы жараткан.
Тагдырымдын бурулушу ушундай,
Тартып келем мен азапты бир кылымдай.

## Өмүр

Өмүр болот токтобогон суу агымы,
Өмүр болот күндүн чыгып, батышы.
Өмүр, өмүр, өтүп жатат зымырап,
Өмүр өтөп, адам жашайт кыбырап.

Өмүр бизге абдан кыска берилген,
Өмүрдү жаратканым ченеп берген.
Өмүр, өмүр, өтүп жатат токтобой,
Өмүр өчөт жалп этип, өчкөн оттой.

Өмүрдүн баркын билип жашаган бар,
Өмүрүн кор кылгандар дагы бар.
Өмүрдүн кымбаттыгын сезбестен,
Өмүрүндө өкүнгөндөр канча алар.

Өмүр деген кандай сонун керемет,
Өмүр бизди бешигинде терметет.
Өрнөктүү өмүр сүрүү абдан кыйын,
Өмүрдүн ар бир сааты алтын тыйын.

## Жалгыздык жанга батканда

Капаланам, жалгыздык жанга батканда,
Ойго батам, өзүм жалгыз калганда.
Кең дүйнө да, мага тар болуп кетет,
Жан кыйнаган жалгыздык болуп себеп.

Жалгыздыктан абдан тажап кыйналам,
Жалгыздыктан мен аябай жабыркагам.
Жалгыздык жашоодо эң жаман экен,
Жалгыздыктан мен дагы кутулаар бекем?!

Жалгыздык жаратканга жарашат,
Жалгыздыктан кандай адам адашат?

Жанга баткан жалгыздыктын азабы,
Жараткандын болду бекен талабы?

Жалгыздык арбытты го ой-санаамды,
Жалгыздык мени торго камады.
Жанга баткан жалгыздыктан коркомун,
Жалгыз болуп каламбы? – деп,  минут
сайын ойлономун!

Жарым жан болгонумдан жалгыз калдым,
Жашоомдо түгөйүмө жете албадым.
Алты саным аман-соо болгондо эгер,
Мен деле бирөө менен жуп болуп жашамакмын.

## Гүлдөр

Гүлгө оролгон табиятым татына,
Байчечекей белгиси го жаздын да.
Бажырайып өсүп турат кар астынан,
Байчечекей чагылышып күн нуруна.

Жыпар жыттуу, нечен түрдүү гүлдөр өсөт,
Күн жылмайып жүздөрүнөн сүйүп, өбөт.
Айлананы сулуулукка бөлөгөн,
Жыты аңкыган кооз гүлдөр түрлөнөт.

Гүлдөрдүн падышасы роза гүлү,
Суктандырат анын кооз өңү-түсү.

Роза гүлдөр өсүп турса бакчада,
Көңүл ачат, эргип адам жан дүйнөсү.

Кызгалдактар кызарышат талаада,
Буралышып салам айтат айланага.
Жашылданган талаа-түзгө көрк берип,
Кызыктырат кыздай болуп кыналышса.

Гүлдөр менен жашообуз да көрктөнөт,
Гүлдөр түрү, ар бир жайда өстүрүлөт.
Гүлдөй өмүр соолубасын эч качан,
Гүлдүн жыты көңүлүңдү көтөрөт.

## Жакындарым жээндерим

Ден-соолукка жарды болуп,
Мен үй-бүлө күтпөдүм.
Муну ойлосом ооруп кетет жүрөгүм.
Бирок, тагдыр тамашасын карачы,
Сиңдилерим турмуш жолдон адашып,
Уул-кыздары менен чогуу бүлөмүн.

Аларды мен көрөм өз уул-кызымдай,
Турмуш деген кызык экен ушундай.
Балапандай кездеринен асырап,
Тарбиялап, өстүрдүк биз камсыздай.

Бала жытын мен алардын жыттадым,

Ал жытынан кумар канып, кубат алдым.
Чулдураган ширин тилин укканда,
Кубангандан бул ааламга батпай калдым.

Туугандыкы эмес, бала баккандыкы экен,
Бала бакыт, бала жашоо багы экен.
Балдар үчүн жашайт тура ата-эне,
Балдарсыз бул жашооӊ караӊгы экен.

Жээндерим көз алдымда чоӊойгон,
Азыр болсо ар кимиси өз жашоосун ойлогон.
Кыз жээндерим турмуш куруп кетишкен,
Уул жээним эр азамат жетилген.

Чоӊойсо деле алар мага бала бойдон,
Алардын бала кези кетпейт ойдон.
Дале мага берет алар күч-кубат,
Жаратканга шүгүр кылам, берип койгон.

Жээндерим мага таяныч болушат,
Мени урматтап, мени колдоп турушат.
Турмуш куруп, ак-караны таанышып,
Ар тараптан купулума толушат.

Мен аларды жакшы көрөм, сүйөмүн,
Алар менен сыймыктанып жүрөмүн.
Жашоомдогу таянганым булар деп,
Мен алардан дем-күч алып өмүр сүрөмүн.

Жараткандан мен ар бирин тилеймин,
Келечекте бактылуу болушсун деймин.
Өздөрүнчө өрнөктүү өмүр сүрүп,
Ар кимиси тилегине жетсе экен деймин.

Энелеринин кадырына жетсе деймин,
Энелерине мээримин берсе деймин.
Эмгек менен эл ичинде бааланып,
Эртеңкиге эмитен жол ачса деймин.

Жээндерим кичинекей Жуманур, Алинур,
Бойтоңдошуп баарыбызга чачат нур.
Чулдураган тили ширин алардын,
Тили менен жарпын жазат адамдын.

Татынакай жээндерим Айтурган менен
Айсезим, Алар дагы менин жашоо тирегим.
Балалык баео сезимдери кубандырат,
Сүйкүмдөнүп улам өсүп жатышат.

Аман болуп, оорубастан жетилишсин,
Ар бири ээси болсун келечектин.
Алтындарым мен силерди жакшы көрөмүн,
Ар убакта силерге көңүл бөлөмүн.

## Мугалим

Мугалим - жанып турган шам чырак,
Мугалим - мөмөлөгөн улуу дарак.
Мугалим - аң-сезимдин ачкычы.
Мугалим - билим-кендин шахтысы.

Мугалимге бардык тилек жарашат,
Мугалимге ар бир инсан алкыш айтат.
Мугалим акылга-акыл кошот, Мугалим
келечекке жол ачат.

Мугалим аман болсун ар дайым,
Аларга ден-соолук, өмүр берсин Аллахым.
Ийгиликтер дайым жандап ар бирин,
Ээси болуп, аман жүрсүн ак батанын.

Мугалим окуучуга болот устат, Аны
менен ар убак сыймыктанат.
Турмуш жолго узатып окуучусун,
Келечекте адам бол! – деп үмүт кылат.

Ушул күнү мугалимдер толкундашат,
"Акыркы коңгуроонун" үнү муңдуу угулат.
Жүрөк ооруп, ичи ачышып ичинен, Окуучусун
кең сапарга узатышат.

Бөбөктөр белек алып кубанышат,
Бүтүрүүчүлөр мектеп менен коштошушат. Эң
акыркы коңгуроонун үнү угулуп,
Кол булгалап, ак мектептен алысташат.

Бүтүрүүчү жаштарга каалоо айтабыз;
Аларды сапарына узатабыз.

Келечекте улуу инсан болсун – деп,
Кыргыз эли ар биринен үмүт кылат.

Садагалар талпынгыла, учкула,
Жашооңордо ар бириң аман болгула.
Окуткан эже-агайды, мектебиңди унутпай,
Билим кенге кайрылып келип тургула.

Ар бириңдин тилегиңер ишке ашсын,
Акылыңар, билимиңер ашып ташсын.
Ата-Журтка кызмат кылып ар кимиң,
Келечек силер үчүн кең жол ачсын!

Уят кылба! – ата-энеңди, мугалимди,
Унутпагын, улуу устат, жашоодогу тирегиңди.
Кайда болсоң, алтын башың аман болсун,
Жүрөгүңө кубанычтын нуру толсун.

Дыйкан, доктур, мейли болгун окумуштуу, Өз
өлкөңө салым кошкун укмуштуу. Эл-
Журтуңа кызмат кылып ар дайым, Кадыр-
баркка жете бергин ылайым.

Мезгил өтүп, учкан куштай зымырап,
Бүтүрүүчүлөр мектебине келип
турушат. Учурашып мугалими, мектеп
менен, Сагынычтан көздөрүнө жаш
алышат.

Он жыл бирге окуган классташтар,
Ошондогу мотурайган уул-кыздар.
Балалыктын ал күндөрүн эскеришип,
Көптөн күткөн ушул күндү жолугушаар.

## Сонун

Кандай сонун сагынычтан арылуу,
Кандай сонун бирин-бири сагынуу.
Көрөйүн деп, көптөн бери көрүшпөгөн
досторун,
Кандай сонун кучак жайып учурашчу бул
жосун.

Жолугушуу – жашоодогу жакшы учур,
Эртең эле артта калат бул учур.
Бул учурду пайдаланып калгыла,
Бул кечеде бирге болуп, оюн-күлкү кургула.

Мына бүгүн жолугушчу учур келип,
Классташтар жолугууга белсенип.
10,20,30,40,50 жылдыктарды белгилеп,
Классташтар жолушат эңсешип.

Балалык кез көздөн учуп элестеп, Бала
кезди эң оболу эстешет.
Окуучулук кызык күндөр өттү деп,
Окуучулук ал күндөрдү эскеришет.

Окуучулук күндөр артта калат экен, Өмүр
чиркин, токтобостон өтөт экен. Убакыт
менен өмүр өтүп билинбей, Карылыктын
учуру аста-секин жетет экен.

Ак мектебин кимдер гана эстебесин,
Унуталбайт окутушкан мугалимин.
Унутпай эстеп жүрүү бул милдет,
Окуучулук күндөрдүн бир элестерин.

Дүйнөдө эң улуу устат - мугалим, Ал
берет адамзатка терең билим.
Учурдан пайдаланып мен айтайын.
Жалпы мугалимдерге менден таазим.

Жакшы сөздөр, гүлдестелер сунушталат,
Майрам менен мугалимди куттукташат.
Бүтүрүүчү окуучулар алкыш айтып, Мугалимге,
мектебине ак тилегин айтышат. “Акыркы
коңгуроо” – толкундануу майрамы,
Бүтүрүүчүлөрдүн байсалдуу болсун сапары!

## Жашоо

Жашоонун даңгыр жолу, таштагы бар,
Ташыркабай таштак жолдон өтүп ал. Даңгыр
жолу баарына эле буйруй бербейт, Таштак
жолго кең жашоонун изин сал.

Жашоо деген түйшүк арткан татаал нерсе,
Аракетсиз жашоо жоктур эч жерде.
Эмгек кылсаң эмгегиңди жер жебейт,
Жыргал жашоо жатат сенин эмгегиңде.

Жашоонун ысыгы бар, ызгаары бар, Жашай
билсең жашоонун маңызы бал. Жашоонун
кадырын ар ким эле биле бербейт,
Жашооңдун ырахатын тирүүңдө сүрүп кал.

Жашоо деген бир берилет адамга,
Жашоо керек калбачудай арманда.
Адамдын айтканындай боло бербейт,
Өзгөрүүлөр болуп кетет тагдырда.

## Эмнеге биз

Оо, адамдар эмне болуп баратабыз,
Өзүбүзгө жамандыкты жаратабыз.
Бузулду деп бул заманды күнөөлөп,
Эмнеге биз акылдан адашабыз?!

Оо, адамдар кайсыл жолдо баратабыз
Өзүбүзгө кыйынчылык чакырабыз.
Ынтымакты ыдыратып, ызылдап,
Эмнеге биз ыймандан алыстадык?!

Оо, адамдар биз кайсыл замандабыз,
Өзүбүзгө азап-кайгы салабыз.
Заман эмес, пейилибиз бузулуп,

Эмнеге биз жан дүйнөнү жаралайбыз?!

Оо, адамдар байлыкка башты оорутабыз, Байлык менен кай жакка бара алабыз. Көзүң өтсө, байлык деле калат артта, Билип туруп байлыкка жулкунабыз.

Оо, адамдар эмне үчүн жашап жатабыз,
Ач көздүктөн деги качан арылабыз.
Билим менен илимге умтулбай, Эмнеге биз жаман жолго качабыз?!

## Жактырамын

Жактырамын кичи пейил адамды,
Жардам кылып, ажаатыңды ачканды.
Жактырамын ачык мүнөз жандарды,
Жакшылыгын эч качан айтпаганды.

Жакшы адам көп арабызда жаркылдаган, Ыйманы тунук суудай шаркыраган.
Жактырамын мына ушундай адамдарды,
Жардам берип, жардыларды кубандырган.

Жүрөгүндө ыйык сезим түнөгөн, Башка үчүн өз жандарын үрөгөн.
Жактырамын боорукер инсандарды,

Жардам берип жашоо үчүн үндөгөн.

Жактырамын сооп ишин аткарганды,
Бузулганды өз жолуна салганды.
Жактырамын Аллах үчүн иш кылганды,
Жан дилинен жакырга кол сунганды.

## Кутулбаймын өлүмдөн

Мен коркомун, коркуп жашайм
өлүмдөн, Өлүм деген эч чыкпады
көңүлдөн. Акыр бир күн ажал алып
кетет го,
Качсам деле кутулбаймын өлүмдөн.

Кетким келбейт, бул ажайып гүл өмүрдөн,
Жан эмесмин, бул жалгандан үмүт үзгөн. А
бирок, ажал келсе айла жок го,
Бекинсем да кутулбаймын өлүмдөн.

Жашоо менен күрөшүп жашап келем,
Үзүлбөгөн үмүттүн күчү менен.
А бирок, ажал менен күрөшө албайм,
Жашынсам да кутулбаймын өлүмдөн.

## Гүл

Тар бөлмөдө соолуган бир гүл турат,
Аба жетпей гүл бечара тумчугат.

Жардам кылып бирөө келип суу куйса,
Бүрүн ачып, өсүп чыкмак гүл бурак.

Өңдөн азып, бозоргон бир гүл турат.
Сууну эңсеп, тамыры калган куурап.
Көңүл бурган боорукер бир жан болсо,
Койсо гана ал гүлгө өмүр улап.

Кезинде,  ал гүл эле жайнаган,
Суктанышып, ага баары караган.
Өсөт эле эгер оору тийбегенде. Гүл
болмок айлананын көркүн ачкан.

Гүл тамыры соолуп, улам баратат,
Жашаймын! – деп күн сайын жанталашат.
Ага болбой айыкпас дарт жабышып, Гүл
өмүрүн жылдан жылга жеп жатат.

## Жети осуят сабагы

Кыргызымдын улуулугу ушунда,
Ата-баба каада-салтын улап жашайт учурда.
Урпактардан урпактарга калтырып,
Туу тутулуп, калтырылбайт унутта.

Улуу элим сактап келди байыртан, Жети
осуят орун алган тарыхтан. Манас ата
осуяты болуп сабак,
Элим жашайт кылымдарды карыткан.

Осуятын бабам Манас калтырган, Эл-
жер үчүн болгон экен жаны курман.
Улутчулдук, ар намыс, достук жана биримдик,
таза коом, гуммандуулук, ынтымак, Мунун
баары осуятта камтылган.

Осуяттын ар биринде зор тарбия-таалим бар,
Сабак кылып кабыл алат, муну кыргыз бир

туугандар.
Жашообуздун эң негизги принциби,
Боло алышат мына ушул осуяттар.

## Кечиримдүүлүк

Жылдар өтөт, жыл артынан күн өтүп,
Мезгил менен өтөт өмүр түгөнүп.
Адам жашайт өз буйруган өмүрүн,
Кыска өмүрдө калтырбаса көңүлүн.

Бир сөзгө калып калат көңүлүң, Катуу
тийип ооруп кетет жүрөгүң.
Унутулбай көкүрөктө так калат,
Ачуу сөздөн назик жүрөк түнөрүп.

Кечиримдүү болуу керек адамзат,
Кечиримдүүлүктөн жүрөк нурданат.

Кечирим суроого көбү батына албайт,
Кечирим сураган баатыр боло алат.

Айтылган сөз эч качан артка кайтпайт,
Кечиримсиз адам тынч жашай албайт.
Кечиримдүүлүк гана дабаа боло алат,
Кек сактоого ислам дини жол бере албайт.

Кечиргенди Аллах өзү жактырат,
Жүрөгүнө ыйман нурун жандырат.
Кечиримдүүлүк ынтымакка жол ачып,
Бул жашоодо бактылуулук жаратат.

## Бөбөктөрүмө

Кичинекей бөбөктөрүм татына, Ар
биринин айткан сөзү таттуу да.
Мотурайган балдай ширин тилдери,
Кубандырат көңүл чөгүп турганда.

Бойтоңдошуп оюн ойноп жатышып,
Чыр салышат оюнчугун талашып.
Бирин-бири түртө салат ыйлатып,
Заматта эле ойноп калат жарашып.

Бала - туяк, бала - бакыт, бала – баары,
Көзүң өтсө, сенин жолуң улаарың.
Бала үчүн баарына кайыл болуп ата-эне,
Жашайт тура, көтөрүп түмөн азаптарын.

Баланын жан дүйнөсү таптаза, Таза
бойдон калыптанып жашаса.
Жашынан туура берип тарбия,
Ата-энелер өзгөчө көңүл бурса.

## Бала байлык

Бала - байлык түгөнбөгөн үйүңдөн,
Бала - таяк карыганда жөлөгөн. Баланы
төрөп, багып өстүрүп,
Бакытка балкы, орун алып төрүнөн.

Баланын дилин эч бир оорутпагын,
Балалык сезими кызык да анын.
Балага такыр эле калп айтпагын,
Аткар дайым балаңа берген убаданы.

Бала байлык, бала бакыт, мурасың,
Көзүң өтсө болот орун басарың.
Балалуулар боло алышат бай адам,
Байлыктын кереги не? – мындан ашкан.

## Ырым менен

Буулуксам да сырым айтпайм эч кимге,
Көп сырым бар менин ички сезимимде.
Бул сырымды ырым менен бөлүшөм,
Сырларым бар ырларымдын тереңинде.

Тизмектелип ойго келген ыр саптарды,
Жазып коем ача калып, ак баракты.
Шашып калам илхам келген учурда,
Чиймелеймин колго алып ручкамды.

Ыр жаратуу ал мен үчүн зор эмгек, Ыр
жаралса көңүлүмдү сергитет. Ырым
менин, төрөлгөн жаш баладай, Ырым
менен жүрөк кылы чертилет.

Ырларымды өз баламдай көрөмүн,
Ырым менен демдүү өмүр сүрөмүн.
Ырым менен сырдашамын олтуруп,
Ырым менен сыймыктанып жүрөмүн.

Ырларымдын бир топтомун жоготком,
Китеп кылып чыгарууну ойлогом. Алган
айым мени алдап койгон экен, Таба
албай али күнчө ойлоном.

## Мен өзүмдү көп көрөмүн түшүмдө

Мен өзүмдү көп көрөмүн түшүмдө;
Кадимкидей эки буттан басып эле жүрөм,
Мурункудай, достор менен бирге  күлөмүн.
Улам чуркап, мен алдыга умтуламын, Белгисиз
бир жактарга шашыламын.

Мен өзүмдү көп көрөмүн түшүмдө;

Араладым жыт аңкыган гүл бакчаны,
Үнүн угам чымчыктын ак таңдагы.
Шылдыраган тунук сууну көрөм дагы.
Колум менен ичем сууну арыктагы.

Мен өзүмдү көп көрөмүн түшүмдө; Мен жүрөмүн дүкөндөрдү аралап, Кызыл-тазыл көйнөктөрдү кармалап. Алгым келип, а бирок акчам жетпей, Туруп калдым не кылсам? – деп тайсалдап. Ойгонуп кетсем бул жөн эле түш болот, Өңүмдө болсочу деп, ичиме арман толот.

Мен өзүмдү көп көрөмүн түшүмдө;
Учурашам көзү өткөн атам менен,
Бирок, атам жегин, - деп тамак берген.
Заматта эле атам жок болуп кеткен,
Бул дагы түшүм экен жүрөктү эзген.

## Адамдардын сапаты

Ар түрдүү адамдарды көрө алдым,
Арасынан жакшыларын тандадым.
Адамды сөзү менен тартып алып,
Арбаган адамдардан сабак алдым.

Аз жашап, а бирок көптү көрдүм,
Адамдын мүнөзүнө көңүл бөлдүм. Ар
дайым бир калыпта эле болуп,

Адамга үлгү болгон жагын көрдүм.

Адам менен адам болдум чынында,
Азгырылып анын акыл, сыйкырына.
Акылыма акыл кошуп айтканы,
Адам бойдон калуума жол ачты да.

Адамдардан арамдыкты байкадым, Ал
адамдан биротоло алыстадым. Адам
бар айбанатка айланган,
Арам оюн бир заматта ишке ашырган.

Адамды билүү кыйын ким экенин,
Адамдык касиети бар же жок экенин.
Адам менен сүйлөшкөн соң билесиң, Ал
деги чыны, кандай адам экенин.

## Өмүр кыска турбайбы

Жаратканга шүгүр кылып жашайлы,
Болсо эгер башыбызда муң-кайгы. Аман
болуп жашаганга не жетсин, Ансыз деле
өмүр кыска турбайбы.

Теңириме тообо кылып туралы,
Буйруса да, бизге оор тагдырды. Бу
жалганда жашаганга не жетсин,
Ансыз деле өмүр кыска турбайбы.

Аллахыман тилек кылып жашайлы, Ден-
соолукту, ырыскыны, ыйманды. Соо
саламат жүргөнүңө не жетсин, Ансыз
деле өмүр кыска турбайбы.

Бу жалганда дүнүйөгө кызыкпайлы,
Турмуштун түйшүгүнө чыдайлы.  Көзүң
тирүү жүргөнүңө эмне жетсин, Ансыз
деле өмүр кыска турбайбы.

## Тиричилик мыйзамы

Жарык дүйнө ажайып кооз керемет, Жер
Энебиз бешигинде терметет.
Кыбыр эткен жандын баары өзүнчө,
Жашоо үчүн эмгек менен алектенет.

Таң аткандан тирликке баш урат,
Жумуштарын бүткөрүүгө шашылат.
Көр оокат деп, жандарын да аябай, Ар
бир адам эртеңкиге камынат.

Тиричилик мыйзамына баш ийип,
Бардык ишке ар күн сайын жетишип.
Акча таап, үй-бүлөсүн багышып,
Жашайт адам, тириликке берилип.

Ар кимиси ар кесипти тандашып,
Эмгектенет эли-журтка арнашып.
Өлкөбүздүн өнүгүүсүн пландап,
Адам жашайт, келечекке жол ачып.

Тиричилик мыйзамына көнүшөт, Шүгүр
кылып, өмүрлөрүн өтөшөт. Кийинки
муундарга белек кылып, Улуулар
урпактарга кезекти өткөрүшөт.

## Жаштарга

Айткым келет, мен жаштарга кайрылып,
Жасайын дейм жаштар үчүн чакырык.
Жаштык кезде акыл калчап, иш кылган,
Ар нерсенин билип жүргүн убалын.

Жаштык курак, күйүп турган от болот,
Жалын чачып өчпөстөн алоолонот.
Жаштык кез майтарылбай курч болот,
Жаштын деми кызыл чоктой ысык болот.

Жашоо деген татаал нерсе, билгиң
келсе, Адаштырган жолдору бар
көбүнесе. Туура жолду таап жашоо
өзүңдөн, Кайчылашкан жолго түшөт
көбү эле.

Жашоонун өйдө-ылдыйы дагы бар,

Таштак жолу, бийик тоосу, кары бар.
Жазы, кышы, күзү да бар, жайы бар,
Жолун тапсаң, жашоо болот таттуу бал.

Билим, эмгек сени адам кылат,
Илим менен адамдар айга сызат.
Ааламга жол айылыңдан башталып,
Араңардан чыныгы адам өсүп чыгат.

Эң оболу ата-энеңди сыйлай бил,
Улуулардын айтканына коюп дил. Эң
үлгүлүү жаштар болуп дайыма,
Эртеңкинин ээси экениң унутпа.

## Техниканын заманы

XXI-кылым, доордун тушунда, Жер
планетасы түштү өнүгүү жолуна.
Адамзат цивилизациясында, Жетише алдык
техникалык прогресстин заманына.

Европа өлкөлөрү эң биринчи өнүгүп,
Дүйнө элине үлгү болду көрүнүп.
Азия өлкөлөрү артта калбады,
Заманбап жашоону тартуулады.

Жылдан-жылга техника өнүгүп барат,
Адамзат техника менен жашап жатат.

Интернеттер күндөн-күнгө жайылып,
Интернет сайттар элге кызмат кылат.

Бассаң, турсаң техниканын заманы, Өсүп
жатат интернет каарманы. Тиричилик
буюмдары бүт автомат, Адамдардай
үйүндө иш аткарат.

Электрондук системада иштешип,
Калкыбызды компьютер менен тейлешип.
Электрондук системага биз да жетип, Таза
иштөөгө киришти баары милдеттенип.

Тез кабарды жеткирип, чөнтөк телефон,
Алысты жакындатты телефон.
Жакыныңдын кабарын билип алып,
Жай аласың, сагынычты таркатып.

## Жол кырсыгы

Жаңы чыккан унаалар да көбөйдү, Жөө
баспай, адамдар да өзгөрдү.
Жаңысына унааларын алмаштырып,
Жашообузда акчалуулар абдан көптү.

Жаңы унаа алганына кубанып, Жаш
балдардын саны санга уланып.
Жол эрежесин билбей унаа башкарып,
Жол кырсыгы өсүп жатат, өмүрлөрдү жалмап салып.

# Өнөрлүү инсандар

Кыргыздын туусун бийик көтөргөн,
Инсандар көп эмгек менен көгөргөн. Ар
кесиптин ээлери бул инсандар,
Элине арнап, өз өнөрүн көргөзгөн.

Уз чеберлер, спортчулар, ырчылар, Ар
кимиси элден чыккан таланттар. Эл
намысын коргогон азаматтар,
Өнөрү бар ар биринин сыймыктанаар.

Өнөрү менен тең келишип жылдызга,
Жеңиштерди белек кылган кыргызга.
Чет өлкөгө кыргыз элин таанытып,
Мен буларды окшоштурам Чыңгызга.

Жаш таланттар өсүп жатат арабызда,
Билим алып, ар тараптан калаабызда.
Канат жайып, өнөрлөрүн өркүндөтүп,
Ишенебиз ааламга жол салаарына.

Спорттун да бизде эң зор орду бар, Азияга
чыгып келди футболчулар. “Акшумкар”
тобу дүйнө элине таанылып, Тосуп алды
кубанышкан колдоочулар.

# Жаш жубайлар

Жаш жубайлар ажырашып тез эле,
Турмуш нугун түшүнбөйт эмнеге?
Үйлөнүшөт бирин-бири жактырып, Ата-
эненин бар дүйнөсүн чачтырып.

Жаштык кездин шамалына айдалып,
Сүйөмүн деп бири-бирине байланып.
Баш кошушат алып учуп шашыла,
Жалган сүйүү амалына алданып.

Махабаттын улуулугун сезе албай,
Жүрөгүнөн бирин-бири сүйө албай. Үй-
бүлө эмне экенин түшүнүшпөй,
Урушушат алды-артына карабай.

Сүйүүсүз турмуш супсак болот эмеспи,
Супсак сүйүү жубайларга керекпи?
Сүйбөй туруп, баш кошууга болобу,
Сүйүү сезим жубайларга эрмекпи?!

Жалган сүйүү ажыратат акыры, Кор
кылышат ортодогу баланы.
Жаш жубайлар сүйүү жолдон адашбай, Чындап
сүйүп, тандасын дейм сүйгөн жарды.

## Арак жеңет адамды

Арак ичип, акылынан адашып,
Жүргөндөр бар, бардыгынан кур калып.
Көздөгөнү арак болуп күнүгө,
Түшүп алып бөтөлкөнүн түбүнө.

Ал үчүн дүйнө болуп караңгы, Өзү
билбейт кайсы жолго барганды.
Балдарына ата болуп жүрө албай,
Өзүн өзү чыкпас торго байлады.

Өзү сезбей арак жеңип баратканын,
Организм аракка ууланганын.
Соо жанын оору кылып акыры түбү,
Билбейт окшойт, оорулуу болуп калаарын.

Түйшүктү арак менен жеңе албайт, Арак
аны жакшы жолго алып барбайт. Аны
билип турса дагы адамдар,
Эмнеге арак ичпей жүрө албайт.

## Жан дүйнөсү жакырлар

Жакырлар деп, айтууга да болбойт чыгаар,
Жан дүйнөсү жакыр десем болот чыгаар.
Мындай деп айтып жаткан себебим: Жан
дүйнөсүн жакыр кылган өзүбүз, Оңой
оокат кылууну алар көздөдү.
Эмгектенип жашагандан качышып,
Жеңил ойлуулук менен өмүрлөрү өзгөрдү.

Жалкоо болуп, даяр оокат самашат,
Бирөөнүн колун карап жашашат.
Туурам нанга зар болушуп күнүгө, Күн
өтүп жатканына кубанышат.

Өз башынын эртеңкисин ойлонбойт,
Жүрөгүндө намыс деле ойгонбойт.
Жан дүйнөсү жакырлыктын айынан, Бир
уялып, бет чымырап толгонбойт.
Жан дүйнөсү жакырлыктан сактасын,
Мындайды мен эч кимге каалабасмын.

## Балдар жөнүндө

Базарлардан көрүп калам жаш балдарды,
Араң эле түртүп барат арабаны. Көр
тирилик запкысын жеп боз балдар,
Окубастан, иштей турган заманбы?

Көчөлөрдөн көрүп калам жаш
кыздарды, Чогултуп жүрүшкөнүн
баклашканы.
Зар турмуштун азабынан ай, кыздар,
Билим албай, иштей турган заманбы?

Ишке тартып, жаш баланы кыйнаган,
Кандай деги, кандай болду бул заман?

Тар замандын запкысынын айынан,
Канча балдар ажырады окуусунан.

Жетишпеген көр оокат деп, ата-эне,
Жибере албайт, балдарын да мектебине.
Кара курсак тойгонуна шүгүр деп,
Мажбур болот балдарынын эмгегине.

Кейип кетем көргөнүмдө балдарды,
Келечегин ойлогон бир жан барбы.
Күнүмдүккө күчүн алып баланын,
Келечегине балта чабаар заманбы?!

## Балдарды таштабагылачы

Балдар биздин келечегибиз дешет
баары, А, эмнеге таштап, чанат
балдарды?! Баланын күнөөсү деги
эмнеде,
Таштоо үчүн жаралганбы бу дүйнөгө?

Турмуштун өйдө-ылдыйына чыдабай,
Балдарын да таштаган көп карабай.
Баласына эртең кантип жооп берет,
Таштагам дээр, сени калгам бага албай.

Бирөөгө кор, бирөөгө зар бала дешет элибизде,
Ташталган баланын убалы деги кимге. Кээ

бирлер балага зар болушуп, арман кылса, Кээ
бирлери баланы кор кылышат эл ичинде.

Таш боордук орун алып жүрөгүнөн,
Баласын ажыратат өмүрүнөн.
Ойлонбой жеңил ойго жеңилип,
Ымыркайын алыс кылат, күн көрүүдөн.

Балдарыңды таштабачы кыргызым, Бак-
дөөлөтүн көрөсүң го уул-кыздын. Бала
бакыт, бала байлык болот да,
Балдардын талкалаба тагдырын,

## Оорубасын жаш балдар

Бала ооруса, ата-энеге түшөт түйшүк,
Тиленип бир кудайдан кылат үмүт.  Бала
ооруп, кыйналганын көргөндө, Айла
таппай калды үмүт үзүлүп.

Бала үчүн ата-эненин жаны курман,
Баласы деп, жан аябай үй-жай курган.
Баласына жабышкан дарт айыкпай,
Бала кетти, оо дүйнөгө аттиң арман.

Баласынан ажыраган кандай жаман,
Бутагы сынып түшкөн дарак сымал.
Баласынан ажыраган болот арман,
Бүчүрлөрү үзүлгөн бутак сымал.

Оорубасын эч кимдин жаш баласы, Эч
кимге буйрубасын оору азабы.
Балдар өссүн, соо-саламат болушуп,
Оорубасын эч качан айбандын да баласы.

## Ысырапкорчулук

Нур заманда ар ким жашайт каалашынча,
Бул заманда ысырап көп байкашымча. Той,
аштарда көп чыгымдар сарпталып,
Акчаларын чачышат өтө ашыкча.

Үрп-адатты, каада-салтты улайбыз деп,
Жок салттарга эл өзү жол беришет.
Атаандаштык өкүм сүрүп элибизде,
Ысырапка көп сандаган акча кетет.

Дүйүм тамак дасторкондо жайнаган,
Кафе, ресторан элге толуп шаңданган.
Көп адамды чакырышып тоюна,
Убакытты ысырапка дуушар кылган.

Атаандашып той өткөрүү арбыды,
Бирин көрүп, экинчиси дарбыды.
Насыя алып көп суммада банктардан,
Уул үйлөмөй, кыз узатмай салтка айланды.

Акырында төлөй албай насыяны,
Мигрант болуп, тандап алды Россияны.
Ал жактан да иши жүрбөй калганда,
Мажбур болот үй-жайын да сатканга.
Ашыкча ысырапка жол бербөөгө,
Үйрөнөлү келчи элим убагында.

Ар нерсенин убалы бар билгендерге,
Суунун да убалы бар эгер билсек, Сууну
сактап, туура колдонуп, ичсек. “Суу
кордогон кор болот” – дегендей, Сууну
коргоп, суу убалын эстесек.

Нан деген эң биринчи азыгыбыз, Нансыз
чыны, такыр жашай албайбыз. “Нан
болсо, ыр да болот” – демекчи, Нандын
да убалын эске алабыз.

Тамак-аштын убалынан корколу,
Ырыскыны качырбайлы колдогу.
Ысырап кылып тамак-ашты төгүп чачып,
Ачкачылык азабын да ойлойлу.

Эмнени кор кылсак, анын да убалы урат,
Берекенин үрөнү калат куурап.
Ар нерсенин убалын биз билели,
Жашообуз муну бизден талап кылат.

Чүпүрөктүн жада калса убалы бар,
Эскиргенде ар жерде калып калаар. А
бирок, анын да убалын билип жүрөлү,
Чүпүрөктүн убалы да санда бар.

## Мигрант мекендешим

Замандын талабына баш ийип,
Мекендештер четке агылып кетишти.
Кылалы деп тиричилик,
Жердештер иш издешип, Европага чейин
жетишти.

КМШ өлкөлөрү кабыл алып, кыргызды, Жумуш
менен баргандарды камсыз кылды. Кыйырдагы
кыргыздар деп аталып,
Бөтөн элге тааныштырды кыргызды.

Жылдан жылга мигранттар арбыды,
Жумуш издеп, жер жүзүнө тарады.
Жашоосунан кыйналышса да чыдашып,
Жердештерим чет элдик болуп алды.

Москва кабыл алып, бүт баарысын,
Агызды го кыргызымдын көз жашын.
Москва ишенбейт көз жашка деп,
Принцибине көнүп калды Москванын.

Ата-Журтту сагынуу абдан кыйын, Тапсам
эле кетемин дейт, бир аз тыйын. Ойлогон
ой, кыстаган турмушка жеңилип,
Мигрант мекендешим, келе албайт го ар жыл
сайын.

## Таштаба ата-энеңди карыганда

Таштаба ата-энеңди карыганда, Аса
болгун, аларга таянганга.
Алар сени багып өстүрүшкөн,
Багат деп, эртең биз карыганда.

Заман ушундай деп, заманга караба, Сен
эч качан ата-энеңди таштаба.
Эстей жүргүн, кантип сени бакканын, Эстеп
жүр, өз балаңдын сени таштап салганын.

Кайтар дүйнө, баарыбызга акыр келет,
Унутпа, сага да карылык кезегин берет.
Ошондо ата-энеңди таштаганың эстейсиң.
Таштап салган балаңа эмне дейсиң?

Ата-эне төрдүн көркү, үй дөөлөтү,
Кетирбе өз үйүңдөн, ал дөөлөттү.
Таштабай ата-эненин кадырын бил,
Батасын ал, сөзүн угуп, койгун дил.

# Акчаң болсо

Бул заманда баары акчага байланды,
Акчасыз болсоң, курутат го айлаңды.
Бардык нерсе акча менен бааланып,
Акча гана башкы ролду ойноп калды.

Акчаң болсо, сөзүң өйдө башкаларга,
Акчаң менен табасын го бир айла.
Адамгерчилик акча менен алмашып,
Акчаң болсо, көңүл бурат баары сага.

Акчага кул болдук го, бул заманда, Акча
менен чыны, жашап жатабыз да. Акча
сүйлөп ар бир зарыл ишинде, Акча
түрттү элди коррупцияга.

Коррупция канатын жайып алды,
Карапайым элди гана кыйнады.
Акча менен бүтүрүшүп иштерин,
Коррупция тамырын эч кыйбады.

Жаның ооруп, барсаң дагы акча дейт,
ГАИге да түшсөң акча дейт.
Окуу жайга окусаң дагы, акча, Бала
бакча, мектепке да акча дейт.

## Алыстасың мейли болгун алыста

Алыстасың мейли болгун алыста, Арга
жок, бул турмуштун талабы да.
Алыста жүрсөң дагы аман бол,
Алыстыгың айланды сүйүүнүн арманына.

Алыстасың мейли болгун алыста,
Жазып тургун смстен ватсапка.
Телефондон чалсаң дароо аламын,
Сүрөтүңдү коюп турсаң статуска.

Алыстасың мейли болгун алыста, Баш
ийбешке айла барбы тагдырга. Кайда
болсоң дагы, мени эстей жүр,
Амандыгың кубат берет жаныма.

Алыстасың мейли болгун алыста Сени
күтөм, эгер болсом амандыкта. Мени
унутпай кабарыңды берип тур,
Көрүшөөрбүз Аллах бизге буйруса.

## Сүйүү сезимдери

Сүйүүнүн керемети ушул экен,
Сүйгөнүмдү дем кылып жашап келем.
Сүйгөнүмдү кыялбаймын эч качан,
Сүйүү берген, ыраазымын Теңирге.

Сүйүү мени азаптардан куткарды,
Сүйүү менин өмүрүмө жол ачты.
Сүйүү болду экөөбүзгө ортомчу, Сүйүү
мага, жаным сени тартуулады.

Көздөрүңдөн көрүп турам сүйүүңдү,
Мен да сага арнап койдум сүйүүмдү.
Экөөбүздүн ойлорубуз бир болуп,
Жалындаттык жүрөктөгү ак сүйүүнү.

Издетпей таап берген сени мага, Шүгүр
дейм, насип кылган жаратканга. Алгач
эле көргөндө, жактырганмын,
Сен менин тун сүйүүмсүң, бу жалганда.

Андан бери мезгил өтүп арадан, Өчпөй
келет, сүйүү оту жалындаган.
Унутпаймын, унуталбайм мен сени,
Ак сүйүүмдү мен өзүңө арнагам.

Канча аралык ортобузда турса да,
Жакындатпай жолубузду бууса да.
Жүрөгүмдө өзүң гана жашайсың,
Жакындатат экөөбүздү сүйүү гана.

Сагынычтан буулугуп мен,
кыйналамын, Сезем жаным, сенин да
кыйналганың. Айла таппай ойлой берем
өзүңдү,

Мындан башка кандай айла таба
аламын.

## Бир туугандарым

Бир тууганым, жакындарым алтындарым,
Сыр чечишип, сырдашкан сырдаштарым. Бир
тууганым, жашоодогу таянарым,
Мен силерге ыр тизмегин келди арнагым.

Өмүрүбүз канча калды, ким билет,
Бул өмүрдү ала албайбыз энчилеп.
Тирүүлүктө сыйлашканга не жетсин,
Бир туугандар, сыйлашалы келгиле.

Ар бириңдин мүнөзүң бар ар башка, Ар
бириңдин үй-бүлөң бар ар жакта.
Көрүшүп туралычы көзүбүздүн
барында, Өмүр кыска, айтып келбейт
ажал да.

Бир тууганым бар экенине сүйүнөм,
Ооруп калса, азап тартып, күйүнөм.
Кезектешип мени карап келишет, Ата-
энемдин жоктугун билгизбейт.

Бир туугандар, мен силерден айланам,
Силер үчүн сооп тилеп жүрөм Алладан.

Мени багып, кыйналып келесиңер,
Түйшүгүмө менин жаралган эмессиңер.

Ар бириңдин мээнетиңер кайтарылсын,
Тилеген тилегиңер аткарылсын. Силер
да эл катары жашагыла, Эч качан
жамандыкка барбагыла.

Мен силерге эки дүйнө ыраазымын, Эки
дүйнө мен силерден карызмын.
Аллах берсин силерге жакшылыкты,
Кабыл кылсын менин суранычымды.

## Жума күндө

Куттуу болсун жумаңар,
Алладан кулу суранаар.
Береке берсин пендеге,
Улуу күн ушул жумаңар.

Алладан сурап ыйладым,
Шолоктоп жашым тыйбадым.
Ар жума сайын жалбарып,
Элиме ыйман сурадым.

Алладан тилеп отурам,
Көзүмө жашты толтурам.

Ар жума сайын жалдырайм,
Пенденди кечир адашкан.

Аллага айтам сырымды,
Арманым менен ыйымды.
Алладан башка досум жок,
Аллахым угат муңумду.

## Жүрөгүмдөн өтөт

Бардык нерсе, жүрөгүмдөн өтөт менин,
Сыртыңардан көз саламын, силердин.
Ар бириңде, болбосо дейм жамандык,
Телефондон сурайм дароо тиленип.

Не болсо да, жүрөгүмдөн сеземин, Аян
берет, мен түшүмдөн билемин. Ошол
замат кабар алып сурасам,
Чын чыгат, түшүмдөгү аян бергени.

Коркуп кетем, бирөөгө айткандан да,
Жүрөгүм сезет менин, алдын ала.
Жүрөгүм алып-учуп, белги берет,
Ошондо, жамандык боло калат да.

Жакындарым кырсыктап же, калбасын
Баарын ойлоп, тилек кылып убайым жейм.
Бир тууганым, туугандарым, жакындарым, Эл
катары, аман-соо жүрсө экен дейм.

# Тагдыр буйругу

Балта менен чапсаң сынат тал бутагы,
Ал бутак жан берип, жерге кулады.
Балта чаап салбаганда, сынмак эмес,
Бул да болсо, тагдырдын буйруганы.

Балта болду, бул бутакка себепчи, Бул
тагдыр да, айла канча эми.
Бардыгы тагдырдын буйругунан,
Буйруп турса, токтойт жүрөк деми.

Бир секундда, эмнелер болуп кетет,
Ойдо жок окуя күттүрбөй келет. Сабыр
кылып, жашайбыз арга жоктон,
Убакыт өзү дарылап, баарын жеңет.

# Жан дүйнө ачкалыгы

Тамагың тойгуза албайт жан дүйнөңдү,
Жан дүйнөсү ачыркап, жүргөндөрдү.
Тойгузуп, азык болот жан дүйнөгө,
Ыйман, абийир, ар намысың, жакшы сапатың.

Ачка болсоң бол, тамак-аштан, Жан
дүйнөңдү сакта ачкалыктан. Жан
дүйнөнүн ачкалыгы оор болот,
Кутула албай каласың, азгырыктан.

Көзүңдөн сокур болсоң бол, өмүрүңдө,
Сокур боло көрбө, көкүрөктөн.
Көр көкүрөк болуп жашоо, эң жаман,
Караңгылык орноп калат, жан дүйнөңдө.

## Тамактар

Түркүн даамдуу тамактар бар, ар бир элде,
Улуттук тамак – деп айтылат эл ичинде. Чучук,
казы карта, беш бармагы,
Биздин тамак дешет аны элибизде.

Улуттун атын чыгарат тамагы да,
Кымыз, бозо, шоро – суусундугунан.
Мейман күткөн элденбиз байырттан,
Коногуна оболу, кымыз сунган.

Тамак-аштын түрү азыр элде, Сатышат
тамактарды ар бир жерде.
Акчан болсо, баары бар кафелерде,
Жада калса, сатылат жол жээгинде.

## Суу

Суу менен жашайт, жаратылыш, Суу
агымы токтобой, кылат жарыш. Суу
бизге өмүр булак болуп берет,
Суу менен өсүмдүк дүйнөсү өсүп жетилет.

Суу атасы – булак болот дешет,
Суу жер кыртышын оюп, тешет.
Суу пайдалуу зат жашоодо,
Суу менен баары өмүр кечет.

Суу өмүрдүн булагы деп коебуз, Сууну
кордоп, суу убалын ойлобойбуз. Суу
кордогон – кор болот демекчи, Суу
болбосо, тамчысына зар болобуз.

## Тунук булак

Тунук булак бар эле айылымда,
Шыңгыр үнү турат кулагымда.
Муздактыгы суусунуңду кандырып,
Элеси, алып учат айылыма.

Тунук булак өзүнчө ыйык эле, Элдер
анын ээси бар, дешчү эле.
Тунуктугу, тазалыгы булактын,
Жагып турчу, суусун ичкен элге.

Тунук булак соолубай дале агат,
Канча жыл өтсө дагы, ал турат. Андан
бери, канча жандар өтүп кетти, Тунук
булак кылымдарды карытат.

## Бак келсе

Багым келсе, мен аны күтүп алам,
Ага арнап, белегимди үйүп салам.
Багымды мен, эч кимге кор кылбаймын,
Жашаймын сүйүүм менен армандаган.

Бак берсе, мен аны тосуп алам, Кучак
толгон гүлүмдү ага сунам.
Багымды мен, дайым коргоп жашайм,
Аны менен бирге өтөм, бу жалгандан.

Бак болот, менин үмүт, өмүр шамым,
Бак болот, менин жашоо, шам чырагым.
Бак берсең, жаратканым түбөлүк бер,
Бак болот, менин сүйгөн жан кумарым.

## Үй-бүлөдө

Үй-бүлөдө биз менен кут, береке, ынтымак
жашайт, Алар да, үй-бүлөнүн тынчтыгын
самайт. Үй-бүлөнүн ээлери жакшы болсо,
Алардан кут, береке, ынтымак качпайт.

Чыр-чатак үй-бүлөдө боло берсе, Үй
ээлеринин пикири келишпесе.
Тажап калат, ынтымак, кут, береке,
Жол ачат чыр-чатак алардын келбесине.

Үй-бүлөдө эгер болсо ынтымак,
Балдары бапырашып, тынч жашайт. Үй-
бүлөгө алар берет берекесин,
Алып келет, алар күткөн перзентин.

## Үмүт, Сүйүү, Ишенич

Жашоодо үч нерсе бар, бизге жакын,
Алар менен дос болбосоң, адашасың.
Алар: Үмүт, Сүйүү, Ишенич,
Жашооңдо болот сага тиренич.

Үмүт – сени жакшылыкка үндөп турат,
Кыйындыкта сага жардам кылат.
Айла таппай, алсырап турганыңда,
Үмүт келип, ал абалдан сууруп чыгат.

Сүйүү – жүрөгүңдөн орун алат, Сүйүү
сени, тун сүйүүңө жолуктурат.
Сүйүү сага ар түрдүүсүн сунуштап,
Ата-энени, бир тууганды, тууганыңды, досуңду,
Мекениңди, элиңди сүйүүгө чакырат.

Ишенич – адамды жандап жүрөт, Ак
ниет менен сени, алга сүрөйт. Ишенич
менен бирге болсоң жактырат, Ишенич
– адамга кызмат кылат.

## Үмүт

Үмүт менен жашайбыз бул өмүрдө,
Үмүт түнөйт, адамдын жүрөгүндө.
Үмүт бизди алдыга жетелеп,
Үмүт оту жанып турат, көөдөнүңдө.

Үмүт бизди жашоого кызыктырат,
Ар бир жан жакшылыктан үмүт кылат.
Үмүт менен жашоо өзү кызыктуу, Үмүт
– бул адамды алаксытуу.

Үмүт ой-кыялга алып учат, Үмүт
ааламды жай кыдырат. Үмүт
жакшы ойго байытып,
Үмүт бизди, дайыма коштоп турат.

## Жаман мүнөз

Жаман мүнөз адамда калыптанат, Бала,
уясынан эмне көрсө, ошону алат.
Түйүлдүктөн баары башталып,
Балада бардык нерсенин таасири калат.

Энесинин курсагында дүйнөгө кулак салат,
Энесинин каны аркылуу, бала баарын алат.
Музыканын мукам үнүн бала жактырат,
Энесинин оорусун да тез кабыл алат.

Жаман мүнөз балага, кандан өтөт, Бала
кийин чырдуу болуп өсөт.
Алкоголдук ичимдиктин зыянынан, Күнөөсүз
ымыркай майып болуп төрөлөт.

## Жакшы сөз

Жакшы сөз жан эргитип, жанга жагат,
Жакшы сөз канат болуп, көккө учурат.
Жакшы сөз дене бойго кан жүгүртүп.
Жашоонун кең жолуна алып чыгат.

Жакшы сөз, жарым ырыс, жан азагың,
Жакшы сөз, шыпаа берген жакшы дарың.
Жакшы сөз жол көрсөткөн жол башчың,
Жашоодо кыйындыктан алып чыгат.

Жакшы сөз катып калган таш жүрөктү эритет,
Жакшы сөз жагып сага көңүлүңдү сергитет.
Жакшы сөз жамандыктан коргоп алып,
Жашоону жакшы кылып сездирет.

## Шамал

Буулуккандай буркурады катуу шамал,
Бузду баарын, короо-жайды талкалап.
Шуулдаган шамалдын муңду үнү,
Сиңип калды кулагыма шуулдап.

Кыжырданып, негедир шамал сокту,
Кый-сыпыры адамдарды чочутту.
Шуулдаган шамалдын ышкырыгы,
Жүрөктөгү толгонууну ойготту.

Каарын чачкан немедей шамал болду,
Качыратып сындырды бак-даракты.
Көчөлөрдү бозортуп, чаң учуруп,
Катуу шамал буулугуп басылбады.

## Жамгыр төгөт

Жамгыр төгөт нөшөрлөп күнү-түн,
Үзгөн жандай, жашоодон үмүтүн.
Жамгыр төгүп, жашын тыйбай ыйлады,
Неге мынча, жамгыр өзүн кыйнады?

Жамгыр төгөт, жердин бетин ылайлап,
Жаткан жандай, азаптанып ыйлап.
Жамгыр төгөт, төгөт жамгыр токтобой,
Жүргөн жандай келечегин ойлобой.

Жамгыр төгөт, жер жамалын тазалап,
Жаркыратып жердин бетин сулуулап.
Жаңыланып жер бети, сергип алып,
Жашоого жаңы болуп, сапар алат.

Жамгыр төгөт, жамгырдан жер көгөрөт,
Жамгырдан жаңы тамыр өнүгөт.

Жамгырдан жер, жашыл чапан оронот,
Жамгырдан ойдуң, дөңү жумшап
оңолот.

## Сүрөтчү

Сүрөтчү, сүрөт тартат айланадан таасирленип,
Көргөндөрүн көркөмдөп, көзгө илип. Сүрөтүнө
колу менен жан киргизип,
Көргөн жанды таңыркатып, эргитип.

Сүрөтчү, сүрөт тартат, көңүлүнө жакканын,
Табияттын таңы агарып, атканын.
Көз жоосун алган боекту ага берип,
Тирүүдөй тартат, табияттын укмуш ак таңын.

Сүрөтчү, сүрөт тартат жан дүйнөсүн тынчытат,
Жан дүйнөсү ага турат шыбырап.
Сүрөт тартып, түйшүгүн унутат.
Сүрөтчүнү илхамы шыктандырат.

## Ой күлүк

Адамдын жашоосунда ой күлүк,
Ойлор келет кээде бүдөмүк.
Ой менен асманга да учасың, Заматта
жер шарын кыдырасың.

Ой деген кай жактарга ала качат, Ой
менен дүйнөң да түгөл боло калат.
Ойлогонуң дайыма эле ишке ашбайт,
Ой менен эле адам кыялданат.

Бул жөн гана ой да-деп өзүн басат,
Көңүлүнөн чаташкан ойду алып салат.
Канчалык ойлонбоюн десе деле,
Ой деген адамды арбап, азгырат.

## Тууганчылык

Тууганчылык көп биздин элибизде,
Тууган чыгат кыргыздар, сурай келсе.
Тууганчылык каныбызга сиңип калган,
Тууганын таштап койбойт элибизде.

Тууган келсе үйүбүз шаңга толот,
Кобурашып, жүзүбүзгө күлкү болот.
Сагынычтар таркалып аз болсо да,
Сырдашып, жүрөктөгү бук жоголот.

Тирүүлүктө катташканга не жетсин, Өлүм
деген келет бир күн, ачып терезесин.
Тирүүлүктө сыйлашалы туугандар,
Өмүр өтсө, билебиз да, кайра келбесин.

## Таарынчакмын

Таарынчакмын, таарынамын бир сөзгө эле, Таарынамын болбогон нерсеге деле. Тагдырым мени таарынтып койгон, Тагдырыма таарынам дагы деле.

Таарынамын кээде мен, кыянаттык кылганга,
Кадырыма көңүл бурбаганга.
Кыпындай нерсени да, чоң кылып,
Шылтоо кылып, уруш, чыр чыгарганга.

Табылат го, көңүлдөн башкалары,
Тамакты да адам кызганабы?
Пейилдерин тар кылып, кээ бирлери,
Көңүлдү калтырууга ашыгабы?

Тарынчакмын, таарынамын адамга,
Кардынан кадырды төмөн көргөнгө.
Кардына ыйлабайт го, эч бир жан,
Кадырына ыйлайт, таарынып көр көкүрөктөргө.

## Тамаша

Тамаша чындыгына жараша, Айтат
кээ бирлер жеткире чучугуна.
Чын көрүп, кай бирлери таарынышат, Таарынды
– деп аны ансайын мыскылдашат.

Тамашанын тамашадай жолу бар,
Тамашанын ар убакта жөнү бар.
Тамашалар алынат жашообуздан,
Тамашанын сабак болчу жагы бар.

Тамашанын күлкүлүү түрү бар, Тамашанын
атасы да куудулдар. Турмуштагы терс
жактарды чагылдырып, Тамашаны курат
элге таланттуулар.

Тамашаны айтат жеңе кайнисине,
Кайниси жообун берет жеңесине.
Тамашаны айтышат эл ичинде,
Жигит менен кыз да айтышат кези
келсе, Теңтуштар да айтышат көбүнесе.

## Тойлордогу чыгымдар

Тойлор көп бизде ар кандай,
Акындар ырдайт, жез таңдай.
Тамада тойду башкарып, Кафеде
өтөт байма-бай.

Тойлорго элди чакырат,
Тойлошот элим көңүл-шат. Ыр,
күлкү оюн-тамаша,
Уюштурат баарын тамада.

Уул үйлөп, кыз берип, той өткөрөт, Ата-
энелер көп чыгымга түшүшөт. Насыя
алып банктан чоң сумма,
Тойдон кийин, төлөй албай
түйшөлүшөт.

Чыгымдар той ээсин ойго салды,
Карызы асман чапчып калды.
Төлөш үчүн алган карыздарын, Россияга
ата-эне иштейли – деп, сапар алды.

## Туулган күнүмдө

Туулган күнүмдө бирөө белек берген эле,
Ал белек али күнчө эсимде. Белек менен
ал мага берген экен, Ак сүйүүсүн мага
деген.

Аны мен, сыртынан таанычу элем, Ал
мени соо адамдай көргөн экен.
Оорулуу экенимди билгенинде,
Мени аяп, жүрөгү тилинген экен.

Туулган күнүм ошондогу эсте калды,
Өмүр бою жүрөгүмө так салды. Ошол
белек мага баалуу болгон эле,
Жүрөгүмө сүйүү кушу конгон эле.

Аттиң кылам, ошол күндөн бери мен,
Билбептирмин ак сүйүүнүн мага келген.
Ар жыл сайын туулган күндө эстеймин,
Ошондогу сүйүүмдү мен билбеген.

## Жайлоодогу көз ирмем

Жайлоодо бала кезде көп жүргөм,
Адырда ойноп, мен күлгөм. Чүкүрү
жеп тоолордо,
Карды ойногом мөңгүдөн.

Булуттар жерге түшкөндө,
Барчумун чуркап жанына.
Кармайын десем булутту, Жок
болуп уччу асманга.

Нөшөрлөп жамгыр жааганда,
Тыбырап добуш салганда. Чатырда
карап жатчумун,
Көз жашын төккөн жамгырга.

Жайлоону сүйөм ошондон, Айланам
жайлоо жашоодон. Алм көз ирмемди
мен унута албаймын, Балалыгым
издейм жайлоодон.

## Короодогу кароолчу

Короодо бар кароолчу итибиз, Эркелейт,
жандап өтсөк кимибиз. Куйругун
шыйпаңдатып салам берет, Ишеничтүү
кароолчу итибиз.

Короодо жалгыз калат, итибиз, Бизге
дос, биз ага ишенебиз. Короого жан
адамды жолотпой, Кайтарат
кароолчу итибиз.
Карыды кароолчу итибиз, Карап
аны, ачышып калат ичибиз.
Карыса да кароолчу корообузга,
Кароолчуга түшөт биздин ишибиз.

## Чайдын пайдасы

Чай ичип,чаңкоону кандырасың,
Табигый даамынан азык аласың.
Чай болот, шакыйды айыктырган,
Чай менен денеңди эс алдырасың.

Чайдын азыр түрү көп бизде, Чай
ичкендер да, көп эл ичинде.
Самоорго кайнатышып, ысык чайды,
Ырахаттанып чай ичет элибизде.

Чай ичиң – деп коногуна чай сунат,
Пиялага жыпар жыттуу чай куят. Ким
келсе да үйүнө, чайы даяр,
Чайын берип, урмат-сыйын кылышат.

Чай деген дене-бойду тазартат, Чай,
кан айланууну жакшыртат. Чай
ашыкча заттарды чыгарып,
Чай, ден-соолукка пайда кылат.

## Өлүм жөнүндө ой-толгоо

Өлүм ойго келгенде коркуп кетем,
Акыл-эстен тайгандай күлө берем. Ички
туюм жай алдырбай көңүлдү, Сыртыма
чыгарбай, айтпай келем.

Өлүм ойго келгенде, чоочуп кетем, Өзүм
жалгыз калгандай чебеленем.
Уйгу-туйгу ойлорго азгырылып,
Өзүмчө эле бушайман боло берем.

Өлүм ойго келгенде, эстеп кетем, Көз
алдыма көрүнөт, кепин деген.
Баары бир өлөрүмдү билсем да,
Эмнегедир, өлүмдөн корко берем.

# Комуз күүсү

Комуз күүсү черткилеп, жүрөк кылдарын,
Комуз сергитет, көңүл ыргагын.
Комуз күүсү далилдеп жүрөк сырларын,
Комуз күүсү билдирет кайгы муң-зарын.

Комуз күүсү кабарлап суук кабарды,
Комуз күүсү көөдөнгө салган арманды.
Комуз күүсү дастанды айтып муңканып,
Комуз күүсү ыйлаткан ата-бабаны.

Комуз күүсү шыңгырап, сонун үн салат,
Комуз күүсү сыйкырлап, добуш күү чалат.
Комуз күүсү жүрөккө жетип, боздотуп, Комуз
күүсү чабыттап ойду учурат.

# Сүйүнчү

Сүйүнчү айткан, кандай сонун сезим,
Сүйүнчүнү айтат кыргыз элим.
Сүйүнчү айткан, бир башкача угулат,
Сүйүнчүнүн жообун куру болбойт
деген.

Сүйүнчү, бала төрөлгөндө айтылат,
Сүйүнчү – деп көпчүлүккө жар салат.
Сүйүнчүнү уккан адам кубанып,
Сүйүнчүгө баалуу белек сунушат.

Сүйүнчүдөн карыз болбо – дешет,
Сүйүнчүнү сөзсүз берүү керек.
Сүйүнчүнүн түрү көп, дагы,
Сүйүнчүлөйт, бардык жакшы демек.

## Сүйүү символу

Эки ак куунун башын кошсо, жүрөктүн өзү чыгат,
Сүйүүнүн символу – деп жүрөкчөнү
тартат.
Жүрөкчөнү көргөндө эле сүйүү түшөт эсиңе.
Жүрөкчөнү белек кылат, сүйүшкөндөр бир-
бирине.

Манжасы менен көрсөтөт жүрөкчөнү,
Билгизип сүйүүсүн жүрөктөгү.
Сүйүүнүн керемети сонун го,
Негизин, сүйүү түзөт өмүрдөгү.

Кызыл гүл да, сүйүүнүн символу,
Шыдыр болсун дегени, сүйүү
жолу. Кызыл гүл сунса жигит
кызына, Ал болот тунук сүйүү
жообу.

## Сүйүү саптары

Сүйүүнүн азабы бар, кубанчы бар,
Сүйүүсүнө жетпеген канча жандар.

Сүйүүнүн дайрасында бирге агып,
Сүйүүнүн азабына чыдаган бар.

Сүйүүсү үчүн күрөшкөндөр бар, Сүйүү
– деп, жанын кыйгандар бар. Сүйүүнүн
кемесинде чогу сүзүп,
Сүйүүнүн өйүзүнө өткөндөр бар.

Сүйүүнү кор кылгандар да бар,
Сүйүүнүн кадырына жетпеген бар.
Сүйүүнүн мейкинине бирге учуп,
Сүйүүнүн чокусуна чыкканы бар.

## Мода

Мода кууп жашашат кээ бирлери, Мода
менен кийинишет кийимдерди.
Мезгилине жараша кийинишип,
Модага азгырылат сезимдери.

Мода дүйнөсүнөн көп каражат табылат,
Дизайнерлер, стилисттер кесибин аркалашат.
Ар жыл сайын мода жагын жаңылап,
Мода кийимдердин брендин
таркатышат.

Модалуу кийимге адам кызыгат,
Жарашыктуу кийимди өзү мода кылат.
Ансайын моданы издеп, сураштырат,

Мода дүйнөсүнө элдин көбүн тартышат.

## Чалкыган көлүм Ысык-Көл

Кылымдарга өзгөрбөй сен турасың, Көргөн
жандын көңүлүн да бурасың. Мээримиң
төгүп, жылмайып тосуп аласың, Чөмүлгөн
жанды дарылап, арбап саласың.

Жагымдуу болуп, сууң жылуу, таптаза,
Жагасың дайым, сага барган жандарга.
Магдырап алар, денесин чыңдап калышат,
Келемин дейт, эмики жай айында да.

Ысык-Көлүм сыйкырдуу сенин толкунуң, Сени
көрүп, сүйүүмдү арнап толкудум.
Шарпылдаган толкунуң жээкке урганда,
Таасирленип, жүрөктөн ырым токудум.

Ысык-Көлүм, сулуу көлүм, чалкыган,
Кошуп алсаң, көз жашымды агызган.
Көз жаш дагы сага окшоп туздуу го,
Көз жашым болсун, сага берген кошумчам.

## Арман ай

Оо арман ай, канча жылдар өттү арадан,
Бала күндөр эске түшөт артта калган. Эң
бир эрке, эң бир ширин кыз элем, Үч
уулдун артынан мен келгем.

Ата-энем мени өзгөчө эркелетип,
Кичинемден кийбегенди кийгизип.
Ашыкча баккан экен мени,
Башкалар жебегенди жегизип.
Өспүрүм куракка келгенде, мен ооруп калдым,
Тагдырдын сыноосуна кабылдым.
Ден-соолукту жоготуп, ажырадым,
Айыкпас дарттын капасына камалдым.

Оо арман ай, андан кийин көп жыл өттү арадан,
А мен деле оору менен күрөшүп жашап жатам.
Алтындарым ата-энем, оо дүйнөгө аттанышкан,
Кара жерден алар да орун алышкан.

## Сулуулук сынагы

Сулуулук дүйнөнү сактап калат,
Сулуулук көргөндү арбап алат.
Жан дүйнө менен сырткысы төп келишсе.
Сулуулук ошондо көркүн ачат.

Сулуулуктун борбору Парижде,
Франция таанылган дүйнө элине.
Сулуулуктун сынактары анда өтүп,
Тараган бүткүл дүйнө элине.

Сулуулардын сынагы өтөт бизде деле, Ар
кайсы өнөрүнөн таанылат кыздар элге.
Сынактын жеңүүчүсү тандалып,
“Алтын таажы” кийгизилет жеңгенине.

Калыстар тобу баалап, чечишет,
Сынактын эрежесин чектешет.
Мыктынын мыктысы тандалып,
“Алтын таажы” татыктуулуга берилет.

## Керектелчү буюмдар

Турмушубуз керектүү нерсе менен чектелген,
Ал нерсени колдонобуз орду менен.
Күнүмдүк тиричилик буюмдарын, Иштетебиз
үнөмдөп, чеги менен.

Мисалга алсак; айна, самын, шампунду,
Сөзсүз түрдө колдонобуз биз муну. Кир
кетирип жуунабыз булар менен,
Кийимибиз жуулат самын менен.

Тазалоочу каражаттын түрү бар, Ар
биринин чыгарылган фирмасы бар.
Фирманыкын тандап туруп алабыз,
Сапатын да баалап, анан алабыз.

Заманбап буюмдарга кызыгабыз,
Интернеттен аларга заказ кылабыз. Тез
эле бизге жетип келет,

Даяр жашоо шартына ыраазыбыз.

## Аракет кылсаң

Аракет кылсаң берекет болот сенде да,
Аракетин кылыш керек пенде да.
Жалкоолуктун досу болбо эч качан,
Аракетиң, акыбетин берет да.

Аракет кылсаң берекесин көрөсүң,
Эмгек менен ийгиликке бөлөнөсүң.
Эмгек менен дос боло бер дайыма,
Аракеттен жаса иш жөрөлгөсүн.

Аракет жеткирет бийиктерге, Түшүрөт
улуулар баскан издерге.
Аракет менен түзүп жашоо планын,
Аракеттен, пайдаң тийсин эли-жериңе.

## Жашоонун кызыгы

Жашоонун кызыгы көп, биз билбеген,
Сырлары бар, табамын – деп издесең.
Жашоонун табышмагы өтө кыйын,
Табуу керек, табышмакты издеген.

Жашоонун кызыгы көп бул өмүрдө,
Жыргалын да, азабын да көрөсүң өмүрүңдө.

Жаман-жакшы жактары да кездешет, Жаман
жагын түйүп алба көңүлгө.

Бир кем дүйнө өзү бизге берилген,
Мээнет кетпейт тирүүлүктө бешенеден.
Жашоо өзү ушул менен кызык да,
Буйруганын көрөт адам Теңирден.

## Белек

Белек берип, белектерин алышып,
Мезгилдин шары менен жарышып.
Жашайбыз, таттуу өмүр тушунда,
Белек берип, көңүл кушун табышып.

Жеке майрам, ар жыл сайын белгилеп,
Майрам ээсине белектерди белендеп.
Туулган күндү өзгөчө белгилейбиз,
Каалоо-тилек айтабыз, ыр дестелеп.

Туулган күн бир жагынан муңдуу майрам,
Адам бир жылга карыйт да аттиң арман. Бир
жагынан жакындарың куттуктап,
Чериң жазып, чогулушуп курат сайран.

## Тойлор

Той деген жакшы каада-салт, Той
деген сонун салтанат.

Тойлор-тойго уланып,
Элимде болсун майрам, шат.

Той болот, көңүл кубантып,
Эл жашайт өмүр улантып.
Той болсун кыргыз жеримде,
Түйшүктөрдөн куткарып.

Тойлордун көп түрлөрү, Тойдо
бирге жүрөлү.
Бешик тойдон башталып,
Күмүш, алтын тойду берели.

Тойлордон даам сызабыз,
Тойго элди чакырабыз.
Тойлор менен биз жашап,
Тойлордо жолугушабыз.

## Бала ширин

Баланын кызык кыял жоругу,
Өзүнө бурат, көңүл оюңду.
Саресеп салып отурсаң, Боорду
эзет кыймыл-оюну.

Бал тили анын, күлдүрөт мени,
Өзү эле таап алат го, сөздү. Бал
ширин, бала тилдери чиркин,
Бойтойгон жаным, эрмек да өзү.

Бала ойнойт тынбай эртеден-кечке,
Оюнга тойбойт, ойносо деле. Бейкапар
жашоо балада го,
Бала дүйнөсү жомоктой эле.

“Ж” ны “Д” деп, “Р” ны “Й” деп сүйлөгөнү,
Элжиретет карагат көзү. Быйтыйган анын
колдору ай, Бала деген таптаттуу өзү.

## Короз

Короодо короз кыйкырат, Таң
атты – деп азан чакырат.
Койкоңдогон короздун,
Канаты түрдүү жаркырап.

Короодон короз чыкты да, Кукулдап,
кыйкырып алды да. Тооктор калды
чогулуп,
Корозго карап калды да.
Короодо короз топ башчы,
Болуп алат жол башчы. Баш
ийип тооктор корозго, Бир
үй-бүлө короодо.

# Жайлоодо

Жайлоодо аба таптаза, Тулаңда
кулун ойногон.
Жайлоосу жашыл тукаба,
Кыргызым мында чоңойгон.

Жайлоодо аба таптаза, Суурулуп
булут каптаса. Жайлоонун көркү
мал менен, Мал берет пайда
адамга.

Мал төлдөп жылда  көбөйөт,
Мал чарба жагы өнүгөт. Элимде
болсо, төрт түлүк, Өлкөбүз
өсүп, өзгөрөт.

Жайлоонун жашыл тулаңы, Козу,
улак ойноп, жыргады. Музоолор
мөөрөп, сайгактап, Сай ылдый
көздөй чуркады.

# Жайлоонун көркү

Жайлоонун көркү азгырып,
Жайлоого бардым ашыгып.
Жайлоодо жашап жайында,
Кымызга тойсоң сонун да.

Жылкылар тоодо кишенеп,
Кулунду байлап желелеп.
Жайлоонун көркү мал менен,
Жайлоом кетпейт, эч эстен.

Жайлоонун жашыл белеси,
Көзүмдө калды элеси.
Жайлоодо жашоо керемет,
Жүрөктун отун терметет.

## Клиптер

Заманбап жашоо, бизде баары,
Заманбап чыгарылган ырлары. Клиптер
ырга тартылып,
Клиптер да заманбап тартылды.

Клиптердин баасы кымбаттап, Клип
тартышат, айлап, жылдап.
Кыргызымдын керемет жерлеринен,
Клип тартууга алыстарга барышат.

Клиптердин сапаты кээде жакшы,
Бирок, кээ бири, эптеп эле тартылган.
Элдин көңүлүнө жакканы азыраак, Топ
хиттен, ага баа аныкталган.
Клип тарттырып, долларларга,
Ырчылар, эл көңүлүн бурсам дейт. Клип
чыкса жогорку сапатка,

Ырчылар, клибин хит кылсам-дейт.

## Ат адамдын канаты

Ат адамдын канаты го илгертен, Ат
менен кыргыз жашап келген.
Ат менен жетип каалаган жерине,
Ат болгон унаасы кыргыз элинин.

Аргымак, тулпар, күлүк жорго – дешет аттарды,
Аргымактар арбыткан алыс сапарды.
Ат үстүндө өмүр өткөрүшүп,
Ата-баба ат менен кылымдарды карытты.

Ат чабышка катыштырып аттарды, Ат
менен алат, кыргыз атак-даңкты. Ат
оюндары; жорго салыш, көк бөрү, Ат
күчүн алат чуркатып чабандеси.

Аргымакты таптайт, мыкты саяпкер,
Атка кетет мыкты жем, мыкты талапкер.
Аргымакты таптап анан чыгарат,
Аргымактын күчү менен алынат баш байгелер.

## Сөйкөлөрдү жактырам

Аялзатын сулуу кылган тагынчак,
Ажарлантып, айымдын көркүн ачат.
Кыз-келиндер, кызыгышып алышат,

Сөйкөлөрдүн кымбатын тагынышат.

Сөйкөлөрдү мен да, жактырамын,
Тандаймын күмүш-алтынын.
Басым жасап, азыр баары ушуга, Жаш
наристе кызга тагат, алтынын.

## Салондор – сулуулуктун чордону

Жерибизде өнүгүүгө жол ачылган,
Бизнес ишин көбү эле, колго алган. Кыз-
келиндер ишкердикке кызыгып,
Сулуулук салондорун ачышкан.

Салондордон баш айланат шаарда,
Жарыясын илип койгон тактайчага.
Сулуу кылам – деп элди чакырып,
Салондор, азыр турат атаандаша.

Кыздардын атын коюп, салонуна, Кардар
тартып жатышат салонуна. Маникюр,
педикюр, макияжы, чач жасалгасы, Көп
киреше алып келет салондун капчыгына.

Акча табуунун бир жагы – бул
салондор, Сулуулукка тартат, ички
каалоолор. Сулуулукту ким эле
каалабасын,
Көпчүлүгүн азгырат, бул салондор.

## Жандай көргөн жээниме

Мен сенден айланамын жээним,
Бөбөгүндөн сен болдуң го, эрмегим.
Мен баарынан сени жакшы көрөмүн,
Баарынан сени ойлоп жүрөмүн.

Атаңын мээримин ала албадың,
Буйрук экен, көз алдымда
тарбияландың. Жандай көрөм сени мен,
алтын жээним,
Чоң адам болгонуңда, сен муну унутпассың.

Апаңа да жакшы боор бербейсиң, Мени
өз апаңдай сен сезесиң.
Алтыным менин, эркелеген жээним,
Ишенемин, келечекте өз ордуң таап кетээрсиң.

Тилеген тилегиңди Алла берсин, Эл
катары жашаганга насип этсин.
Үй-бүлөнүн ээси болуп, келечекте,
Бактылуу өмүрдү Кудай сага берсин.

## Адептүүлүк

Адептүүлүк адамдын жакшы сапаты,
Адептүүлүк адамдын акыл канаты.
Адептүү адам, өз жолунан адашпайт,
Адептүүлүк жакшы жолдун башаты.

Адептүүлүк адамдын көзүн ачат,
Башкаларга үлгү болуп, нурун чачат.
Адептүүлүк адамды тарбиялап,
Жашоосуна туура багыт алат.

Адеп ахлак чоң сабак берет, Ал
балдарга жакшы келечек.
Адептүүлүк адамды адам кылып,
Адептүүлүк адал жашоо алып келет.

## Журналист жигит Мухаммедке

Пайгамбардын атын алып жүрөсүң,
Бийликке жеткиресиң эл мүдөөсүн.
Эл менен бийликке көпүрө болуп,
Жүрө бер иничек, амандыкта болуп.

Алтын башың аман болсун эң башкысы,
Кызматыңды аркалай бер эл кабарчы.
Эмгек менен көгөрүп, үй-бүлөң менен,
Эл катары жашай бер, буйруган ырыскың
менен.

Бул өмүрдө жаш кезиңде берсин мээнетти,
Карыганда бере көрсүн дөөлөттү. Бактылуу
күндөрүң көп болуп,
Көрө бер иничек, өмүрдөгү өрнөктү.

Тилеген тилектериң ишке ашсын,
Кызматың бааланып, жогоруласын.
Кесибиңди аркалап, үзүрүн көр,
Чыгармачылык канатың кең жайылсын.

## Достор болгон

Достор болгон, чогуу өсүп, чогуу ойногон,
Бирге жүрүп, бир тилекти ойлогон.
Бири-бирине тирек болуп ар дайым,
Бирин-бири кыйындыкка таштап койбогон.

Достор эле, бирин-бири жакшы көрүшкөн,
Бир нанды да, тең экиге бөлүшкөн. Достор
болгон бири-бирине күйүшкөн, Жан
дилинен бирин-бири сүйүшкөн.

Достор болгон бирин-бири дайыма урматтаган,
Ар жагдайда бирин-бири унутпаган. Достор
эле ачык айтып сырдашкан,
Достор болгон жамандыкта муңдашкан.

## Саткындар

Саткындар арабызда үн катпаган,
Сүйлөшүп олтурганда, унчукпаган.
Артыңдан, акырын сатып коюп,
Жүргөн бар саткын атка татыган.

Саткындар көз көрүнө сатып кетет,
Саткындыгы дайым жанды кейитет.
Саткындыкка машыкканын кое албай,
Сатып коюп, беймарал жүрө берет.

Саткындык бул адамдын жаман адаты,
Көңүл бурбаган бир сапаты.
Саткындыкты кесип кылышкандар,
Калтыра албайт жаман адатты.

## Балдар дүйнөсүнө кайрылам

Ыңаалаган бөбөгүм, Сени
жакшы көрөмүн.
Баарыбызды кубантып,
Сен жаңы эле төрөлдүң.

Кичинекей бөбөгүм, Сени
сүйүп, өбөмүн.
Үйүбүздү шаңдантып,
Ак бешикке бөлөндүң.

Ымыркайсың бөбөгүм, Биз
болобуз жөлөгүң.
Кыбыраган бөбөгүм,
Кылыгыңды сүйөмүн.

Чоңое бер бөбөгүм, Сени
жакшы көрөмүн.
Сенин ширин жытыңды,

Жыттап, тойбойм бөбөгүм.

Алтыным бөбөк сүйкүмдүү,
Кылыктары күлкүлүү.
Мөлтүрөгөн көзүңдөн, Элжиретет
жүрөктү.

Күмүшүм бөбөк шириним, Сенден
садага кетемин.
Күлгөндө жаным эритип,
Күн болуп жылуулук бересиң.

Жаркылдап тийген күнүмсүң, Жыпар
жыттуу гүлүмсүң.
Жылмайып күлүп карасаң, Жаныма
кубат үйөсүң.

Садагам менин алтыным, Нурун
чачкан жаркыным. Кубанып
өсүп, аман бол, Маңдайыма бол
жарыгым.

Балдардын дүйнөсү таптаза,
Баргым келет, ал дүйнөгө мен кайра.
Бала бакыт, бала байлык, бала белегиң,
Бала болот сенин эрмегиң.

Алдейлеп баккан балага, Ата-эне
жаны сагада.

Алпештеп багып баланы,
Ата-эне калтырат аны мураска.

Баланын жан дүйнөсү аруу да, Баргым
келет, мен ошол аруулукка. Бала
менен бала болуп, калгым келет,
Баланын дүйнөсүндө, аруулукта.

Баланын дүйнөсүнө кайрылам, Бал
тилдүү балдарга аралашам.
Балдардан жан дүйнөмө азык алып,
Балдар менен мен дүйнөмдү тазартам.

## Табият көркү

Кызыл-тазыл гүлдөр, табият көркүн ачат,
Жапжашыл бак-дарактар да, коштоп турат.
Мейкиндиктин көк түсү, өзүнчө көрк,
Аларды тоо-таш, чөп, суунун көркү да толуктайт.

Кубулжуган булбул, куштун үндөрү,
Шарпылдаган суулардын да үндөрү.
Табиятты өзүнчө көрккө бөлөйт,
Тирүүлүккө адамды булар үндөдү.

Табияттын сулуулугу укмуштай, Кол
менен боеп аны салгандай.

Төрт мезгилде, төрт түстөгү көйнөк кийип,
Табияттын керемети ушундай.

## Жалгыз агам, калды бизге тоо болуп

Агам жалгыз, калды бизге тоо болуп, Муну
эстесем, ыйлагым келет бук болуп.
Агатайым аман болчу, бизге жөлөк болуп,
Ата-энемден, эки агамдан ажырап, жүрөккө
бүт муң толуп.

Агам жалгыз, калды бизге тоо болуп, Эсен
соо жүрчү, калба сен дагы ооруп. Сенден
башка биздин эч кимибиз жок, Агатайым
эсен жүрчү, бизге тиренч болуп.

Өзүң калдың го, оо дүйнөгө кетти баары
шашылып, Жатып калды баары, жер жазданып.
Өзүң эми агатайым, бар болчу,
Биз жүрөлү, жок дегенде сага таянып.

## Сагынамын апакемдин тамагын

Сагынамын апакемдин тамагын, Ал
жасаган даамдуу бешбармагын.
Апакем, тамакты даамдуу жасап,
Далай жолу, баарын даам сыздырганын.

Сагындым, апамын ысык нанын,

Балкылдаган, дан жыттанган, нан даамын.
Сагынамын, апакемдин бал каймагын, Таттуу
нанга сыйпап берген, сары майын.

Сагынамын, апакемдин бүт тамагын,
Курут эзип, чабаты да жайганын.
Көжө ашын да, кесме ашын да, куурдагын,
Камыр жууруп, боорсок кылган, каттамасын.

## Кечки Бишкек

Кечки Бишкек, көрүнүшү абдан сонун,
Бишкегим, сенин көркөмүңө эч тойбодум.
Кечки Бишкек, башкачасың татына, Кечки
Бишкек, сени унута койбодум.

Көчөлөрүң кызыл-тазыл көрүнөт,
Жарыктардан, баары даана көрүнөт.
Машиналар зырылдашат токтобой,
Кечки Бишкек нурун чачып, төгүлөт.

Кечки Бишкек, тартып турат өзүнө,
Сыйкырланып, көрүнөсүң көзүмө.
Сенде жашап, сени көрүп турганыма,
Ыраазымын, насип кылган жаратканга.

## Соолуган гүл

Соолуган гүл, суу сурайт сенден жалынып,
Суусап турат, суу берээр деп зарыгып. Суудан
берип, суугарып кой соопко,
Соолуган гүл калбасынчы таарынып.

Соолуган гүл, тамыры куурап турат,
Суусагандан таңдайы катат, чыдайт.
Суудан куюп, кандырып кой суусунун,
Соолуган гүл жакшылыгың унутпайт.

Соолуган гүл, алсырап ачка турат,
Жанына азык болчу, сууну сурап.
Суудан сунуп, суугарып кой тамырын,
Соолуган гүл, жашасын өмүр улап.

## Кетпечи өмүр

Кетпечи өмүр, кетпей турчу бир азга,
Кере-кере дем алайын таза абада.
Тумчугамын жер астында барганымда,
Суранамын, кетпе өмүр жок дегенде бир азга.

Кетпечи өмүр, шашылбай тур аз гана, Эс
алайын жарык күндүн алдында.
Көрө албаймын күн шооласын эч качан,
Жалбарамын кетпе өмүр, жок дегенде аз гана.

Кетпечи өмүр, кетпей турчу дагы да,
Ансыз деле, мен ал жакка барам да.
Эртеби же кечби, өмүр ай,
Качсам деле, мен ажалдан кутулбайм да.

## Сени күтөм

Мен сени кычыраган кыштан күтөм,
Мен сени жаркыраган жаздан күтөм.
Мен сени күтө берем, өмүр бою,
Күтөмүн, мен зарыгып, сени күтөм.

Мен сени, жыпар жыттуу жайдан күтөм,
Мен сени, кубулжуган күздөн күтөм.
Күтөмүн, күтө берем өмүр бою,
Күтөмүн, мен сагынып, сени күтөм.

Мен сени нурун чачкан таңдан күтөм,
Мен сени гүлүн ачкан бактан күтөм.
Күтөмүн, күтө берем өмүр бою,
Күтөмүн, үмүт үзбөй күтөм сени.

## Жаштарыбыз

Жаштарыбыз улам өсүп баратат,
Алыстарга билим менен канат жаят.
Жаштардын колунда келечек,
Келечекке жаштар туура багыт алат.

Жаштардан биз өнүгүүнү күтөбүз,
Жаштар менен сыймыктанат өлкөбүз.
Биримдикте кол кармашып иштесе,
Бийиктерге жетет биздин өлкөбүз.

Жаштарыбыз демилгелүү боло берсин,
Билимине билимди кошо берсин.
Жаштарыбыз өлкөбүзгө салым кошуп,
Келечекте Кыргызстанды гүлдөтө берсин.

## Аалам ажары

Көз алдыма тартылат аалам ажары,
Айланабыз жарык, жапжаңы. Ааламдын
ээси адамзат,
Жаңырат жашоо ак таңы.

Көз жоосун алат аалам ажары,
Курчап турат кооз табияты. Баарысы
жашап ааламда,
Табышмактуу Аалам сырлары.

Көз кызыгат, жаратылыш көркүнө,
Өсүмдүк, жан-жаныбар, адамзаты.
Жалпы аты булардын – жаратылыш,
Ааламдын булар болот байлыгы.

# Шаркыратма

Шаркыратма шаркырап агып турат,
Ажайып кооздугу, көздү азгырат.
Шаркыратма аурасы таптаза,
Адамдын жан дүйнөсүн кубантат.

Шаркыратма суусу шуулдап,
Кулак калат тунжурап. Жанына
барсаң жагымдуу, Укмуш анда
сыр жатат.

Шаркыратма табияттын бөлүгү, Уялтат
жаркыраган нуру көздү.
Шаркыратма салкындатат абаны,
Алыстан да, көрүнөт кооз карааны.

# Көздөрүң

Жүрөгүмдү элжиреткен көздөрүң,
Жылмаясың, айтып жылуу сөздөрүң.
Жүрөгүмө жакын болуп сезилесиң,
Балким, сенсиң менин издеп жүргөнүм.

Көңүлүмдү бурдурат, кара көздөрүң,
Сени менен бир болууну көздөдүм.
Карагаттай көздөрүң бар татына,
Мага жакты карагат бул көздөрүң.

Сүйдүрөсүң эмнегедир арбап, мени, Бир
көргөндө, сүйдүм окшойт тандап сени.
Жүрөгүмө сүйүү сезим ойготтуң да,
Тагдыр буйруп, таап берди мага сени.

## Улуу тоолор

Улуу тоолор удургуган бороон тосмосу, Жер
титирөө алааматтын коргоочусу.
Өсүмдүктөр, тоолор сактап жер кыртышын,
Тоолор болот жерибиздин кароолчусу.

Улуу тоолор миң жылдарды камтыган,
Ошондуктан, улуу болуп айтылган.
Тоолор болот биздин калканыбыз, Төрт
тараптан бизди курчаган.

Улуу тоолор бийик, асман тиреген,
Козголбойт го, ордунан мелтиреген.
Тоолордо, кыргыз өмүр өтөгөн,
Канчалары тоодо туулуп – өскөн.

## Цирктен көрүп оюнду

Циркке барып, көрүп калдык оюнду,
Жолборстордун кызык болду оюну.
Дрессировщигин кулак салып угушуп.
Жолборстор ойноп жатты обручту.

Жаныбар да, адамга көнөт экен,
Адамдай акылдуу көрүнөт экен.
Аткарышып өздөрүнүн ролдорун,
Орундарына секирип, чыга калат экен.

Күчүк, мышык, аюулары ойношту,
Тоголотуп тебишип, чоң топторду.
Секиришип жатышты бийиктиктен,
Ийилишип, туура калат тепкичтен.

# Мазмуну


Баш сөз ..................................................................3
Ырларым мага кош канат ..................................................4
Мекениме ................................................................4
Ата-энемдин барында .....................................................5
Ден-соолук ..............................................................5
Көз алдымда..............................................................6
Жалбарып мен Алладан сурайын ...........................................7
Оо кыргызым, пейилиңден кетпечи!.........................................7
Акыйкаттык кайда кетип баратат!..........................................8
Кыргызым ай, ынтымакка келеличи ........................................8
Сүйүүнүн кайырчысы болуп калдым.........................................9
Бала ширин, бала бакыт биз үчүн..........................................9
Ичтеги арман ...........................................................10
Неге....................................................................10
Ата, апа................................................................11
Мен коркчумун...........................................................11
Эң жаман ...............................................................12
Баары мени оорулуу деп эсептешип .......................................12
Ата Журтум .............................................................13
Тобо кылам .............................................................13
Биз кыргызбыз...........................................................14
Өксүк жанмын ...........................................................14
Бир боорума.............................................................15
Атама...................................................................16
Чаткалым................................................................17
Ыр жазамын..............................................................17
Адамдарга ..............................................................18
Эне тилим...............................................................18
Эне ыйык, эне кымбат баарынан...........................................19
Үмүт....................................................................19
Китеп ..................................................................20
Чыңгыз дүйнө салганда ..................................................20

Поэзия..........22
Апакемди эскерем..........23
Күз..........28
Жаз..........29
Кыш..........30
Тагдыр таарынуу..........30
Туулган айылым..........31
Тагдыр бурганагы..........32
Бир туугандарым..........33
Алыкулдун ырын окуп үйрөндүм..........34
Сүйүү саптары..........35
Айылымдын элестери..........36
Чаткал жери..........36
Күнүмдүк бул жалганда..........37
Курманжан датка..........38
Энекем..........39
Атакем..........39
Мээрман айымдарга..........40
Эне-тилим..........41
Ардагерлерге..........41
Бүтүрүүчүлөргө..........42
Арман..........43
Тирүү болуп жашаганым болбосо..........44
Тагдырымдын бурулушу..........46
Өмүр..........50
Жалгыздык жанга батканда..........51
Гүлдөр..........52
Жакындарым жээндерим..........53
Мугалим..........55
Сонун..........57
Жашоо..........58
Эмнеге биз..........59
Жактырамын..........60

Кутулбаймын өлүмдөн ....................................................................60
Гүл ........................................................................................................61
Жети осуят сабагы ........................................................................62
Кечиримдүүлүк ..............................................................................63
Бөбөктөрүмө ....................................................................................64
Бала байлык .....................................................................................64
Ырым менен.....................................................................................65
Мен өзүмдү көп көрөмүн түшүмдө ...............................................66
Адамдардын сапаты.......................................................................67
Өмүр кыска турбайбы.....................................................................68
Тиричилик мыйзамы.......................................................................68
Жаштарга .........................................................................................69
Техниканын заманы .......................................................................70
Жол кырсыгы...................................................................................71
Өнөрлүү инсандар...........................................................................71
Жаш жубайлар.................................................................................72
Арак жеңет адамды ........................................................................73
Жан дүйнөсү жакырлар .................................................................74
Балдар жөнүндө...............................................................................74
Балдарды таштабагылачы .............................................................75
Оорубасын жаш балдар .................................................................76
Ысырапкорчулук.............................................................................77
Мигрант мекендешим.....................................................................78
Таштаба ата-энеңди карыганда.....................................................79
Акчаң болсо .....................................................................................80
Алыстасың мейли болгун алыста .................................................81
Сүйүү сезимдери ............................................................................81
Бир туугандарым.............................................................................82
Жума күндө......................................................................................84
Жүрөгүмдөн өтөт ............................................................................84
Тагдыр буйругу ...............................................................................85
Жан дүйнө ачкалыгы ......................................................................86
Тамактар...........................................................................................86

Суу ....................................................................................87
Тунук булак ......................................................................87
Бак келсе ..........................................................................88
Үй-бүлөдө ..........................................................................88
Үмүт, Сүйүү, Ишенич..........................................................89
Үмүт...................................................................................89
Жаман мүнөз......................................................................90
Жакшы сөз .........................................................................90
Шамал.................................................................................91
Жамгыр төгөт .....................................................................91
Сүрөтчү ..............................................................................92
Ой күлүк..............................................................................92
Тууганчылык .......................................................................93
Таарынчакмын....................................................................93
Тамаша ...............................................................................95
Тойлордогу чыгымдар .........................................................95
Туулган күнүмдө .................................................................96
Жайлоодогу көз ирмем........................................................97
Короодогу кароолчу............................................................97
Чайдын пайдасы .................................................................98
Өлүм жөнүндө ой-толгоо ....................................................99
Комуз күүсү ........................................................................99
Сүйүнчү.............................................................................100
Сүйүү символу...................................................................100
Сүйүү саптары ...................................................................101
Мода .................................................................................101
Чалкыган көлүм Ысык-Көл.................................................102
Арман ай ...........................................................................102
Сулуулук сынагы ...............................................................103
Керектелчү буюмдар..........................................................104
Аракет кылсаң ...................................................................104
Жашоонун кызыгы.............................................................105
Белек.................................................................................105

Тойлор ....................................................................................106
Бала ширин ..............................................................................107
Короз .......................................................................................107
Жайлоодо ................................................................................108
Жайлоонун көркү ....................................................................109
Клиптер ...................................................................................109
Ат адамдын канаты .................................................................110
Сөйкөлөрдү жактырам.............................................................111
Салондор – сулуулуктун чордону .........................................111
Жандай көргөн жээниме.........................................................112
Адептүүлүк .............................................................................112
Журналист жигит Мухаммедке .............................................113
Достор болгон..........................................................................114
Саткындар ...............................................................................114
Балдар дүйнөсүнө кайрылам..................................................115
Табият көркү ............................................................................117
Жалгыз агам, калды бизге тоо болуп ....................................117
Сагынамын апакемдин тамагын .............................................118
Кечки Бишкек ..........................................................................118
Соолуган гүл ............................................................................119
Кетпечи өмүр ...........................................................................119
Сени күтөм...............................................................................120
Жаштарыбыз............................................................................120
Аалам ажары ...........................................................................121
Шаркыратма ............................................................................121
Көздөрүң .................................................................................122
Улуу тоолор ............................................................................122
Циркттен көрүп оюнду ...........................................................123

***Акбермет Максымбекова Ырларым
мага кош канат***

*Башкы редактору* КР. Журналисттер кошуунунун мүчөсү,
Чаткал районунун www.chatkal.kg маалыматтык сайтынын
редактору ***Мухамедалы Эшназаров***,
*Корректор* – ***Мухамедалы Эшназаров,***
*Компьютерде терген* – ***Самара Субанова***

Нускасы 100 даана. Көлөмү 8 б.т. Басууга 19.07.19-ж. берилди.
*"**Чаткал басма**"* басмаканасында басылды.
*Басмакана тел.:* ***Ватсап:*** +996 777 745 914